Бишкектеги музей, галерея,
көргөзмө залдарга жол көрсөткүч

# МУЗЕЙЛҮҮ БИШКЕК



БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНҮКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ
Маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмү

# МУЗЕЙЛҮҮ БИШКЕК

Бишкектеги
музей,
галерея,
көргөзмө
залдарга
жол көрсөткүч

Бишкек, 2024

**Колдонмонун авторлору:** Алима Токмергенова, Александра Филатова.

**Чыгаруучу редактору:** Алтын Капалова.

**Дизайнын жана жайгаштыруусун аткарган:** Диана Ухина, Аида Тостокова.

**Фото сүрөттөр:** Александра Филатова, Алима Токмергенова,
Айым Бакы, Алтын Капалова.

**Алима Токмергенова** – изилдөөчү, сүрөтчү, СИНЕРГИЯ Чыгармачыл чеберканасынын жана Бишкек заманбап искусство мектебинин катышуучусу (БиШСИ). Кызыгуу чөйрөсү: Бишкек шаарынын тарыхы, Кыргызстандын искусствосунун тарыхы.

**Александра Филатова** – изилдөөчү жана арт-тажрыйбачы. Кызыгуу чөйрөсү: саясат философиясы, билим жаратуу үчүн визуалдык тил, коомчулуктардын субъекттүүлүгү. *#критикуюкакмогу*

Колдонмо
Борбордук Азия Университинин
Жогорку өнүгүү мектебинин
Маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмү
тарабынан түзүлдү

Маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмү Борбордук Азия элдеринин бай жана ар түрдүү маданий мурастарын сактоо жана кеңири жайылтуу максатында илимий изилдөөлөрдү, документтештирүүлөрдү, архивдештирүүнү жүргүзүү жана аймактагы изилдөөчүлөргө колдоо көрсөтүү аркылуу өзүнүн ишмердүүлүгүн алып барат.

*Бул басылмада берилген көз караштар авторлордун көз карашын чагылдырат жана Борбордук Азия Университетинин жана/же анын кызматкерлеринин көз карашын чагылдырбоосу мүмкүн.*

Борбордук Азия Университети
720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1
Тел.: +996 (312) 621 979.
www.ucentralasia.org

© Борбордук Азия Университети, 2024



*«Шумдук» чыгармачыл тобунун «Эне сүтү» чыгармасы.*
*Аялдар искусство музейинин «Аялдардын мейкиндиктери» көргөзмөсү.*




46 Илимий-тематикалык музейлери





108 Демилге музейлери

# МАЗМУНУ


12 Искусство музейлери





74 Мемориалдык үй-музейлери






*«Жеке саясий» чыгармасы. Жазгүл Мадазимова жана Эмиль Тилеков.*
*Аялдар искусство музейинин «Аялдардын мейкиндиктери» көргөзмөсү.*

# МУЗЕЙЛҮҮ БИШКЕК

Бир жолу жайдын аптаптуу күнүндө биз Ольга Мануилованын үй-музейине барып келүүнү чечтик. Биз анын иштерин дагы бир жолу көрдүк (алар абдан көп), биз таанышкан музейдин жаңы кызматкери сүрөтчү жөнүндө бир нече кызыктуу фактыларды айтып берди. Музейдин короосундагы алчадан тамшана жеп алып, коңшу көчөдөгү мемориалдык үйгө жөнөдүк. Биздин шаарыбыздагы музейлердин көптүгү жана алардын ар бири өз алдынча кызыктуу, бирок шаар тургундары жана туристтер үчүн алар өтө популярдуу эмес экендиги тууралуу сүйлөшүүбүз жол көрсөткүч түзүү идеясына алып келди. Анда өзүбүздүн эскерүүлөрүбүз, таасирленген окуяларыбыз, тажрыйбабыз жөнүндө айтып бере турган болдук жана биз сиздерди ал музейлерге чакырабыз. Бүгүнкү күндө музейлер жана маданий изилдөөлөр менен активдүү иш алып барып жаткан Борбордук Азия Университетинин маданий мурастар жана гуманитардык илимдер бөлүмүнүн колдоосу менен жогорудагы идеябызды ишке ашырууга мүмкүн болду.

Биздин көргөндөрүбүздү, сезгендерибизди жана сиз менен бөлүшүү маанилүү деп чечкендерибизди топтогондуктан, музейлер жөнүндө окуялар ар түрдүү болду. Музейдин жаралуу контентин түшүнүү үчүн тарыхый маалымкаттар дагы кезигет. Сиздин жеке таасирленгениңиз, кабыл алууңуз биздикинен башкача болуусу мүмкүн, бирок биз, албетте, музейлерге болгон сүйүүбүздү жана кызыгуубузду сизге жеткире алдык деген үмүттөбүз.

1927-жылы Михаил Фрунзе үйүнүн бөлмөлөрүнүн биринде биринчи аймак таануу музейи ачылган, ошол кезде ал Кыр-

гызстандын Борбордук музейи деп аталган, ал эми 1935-жылдын 1-январында Эмен сейил багында биринчи сүрөт галереясы ачылган. Ошентип, Кыргызстандагы эң ири эки музей пайда болгон. Бүгүнкү күндө булар – Улуттук тарых музейи жана Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм өнөр музейи.

Андан бери шаарыбызда ар кандай багыттагы жана масштабдагы көптөгөн музейлер пайда болду (жок болду). Алардын кээ бири шаардын кичинекей көчөлөрүндө, бийик имараттардын арасында көрүнбөй калды, алардын көбүнүн баракчалары социалдык тармактарда жок, аларды гугл-карталарда таба албай каласыз, алардын сыртында чоң жазуулары жана көзгө илине турган аттары жок. Көп учурда мындай музейлер кандайдыр бир тар теманын же тарыхый инсандын айланасында жаралат.

Бул жол көрсөткүчкө музейлер, мемориалдык үйлөр, көргөзмө залдары, галереялар, лабораториялар, жеке демилгелер ж. б. кирди – алардын саны 30 болду. Алардын бардыгы музейдин расмий статусуна ээ эмес, бирок мындан алардын баалуулугу азайбайт.

Менчиктин түрү боюнча жеке, мамлекеттик жана коомдук музейлер бар, кээ бири түзүмү жактан чоңураак мекемелерине кирет, кайсы бир бөлүгү Мемориалдык үй-музейлеринин бириккен дирекциясы сыяктуу түйүнгө топтолгон, ошондой эле биздин тизмеде шаар тургундары жана активисттер тарабынан түзүлгөн музей демилгелери бар.

Биздин гайдда музейлер багыты жана тематикасы боюнча топтолгон: үй-музейлер (кайсы бир инсандын айласында

түзүлгөн), искусство музейлери, илимий-тематикалык музейлер, демилге музейлери. Көбү шаардын ар кайсы тарабында жайгашкан, ошондуктан музейлердин тематикасы жана жайгашкан жерлери боюнча маршрут түзүп, бир күндө бир нече музейлерди кыдырса болот. Көп музейлерге кирүү акысыз, бирок сиз кандайдыр бир сумманы белекке берип же брошюра сатып алсаңыз болот – бардык ресурстар бул музейлердин ишин колдоого жумшалат.

Музей – бул экспонаттар, стенддердеги маалыматтар гана эмес, эң оболу, бул адамдар, ошондуктан биз үчүн бул жерлердин «сакчылары» менен баарлашуу маанилүү. Биз айтып бергибиз келген көбүнчө музейлер музей кызматкерлеринин энтузиазмы жана жеке ресурстары менен иштеп келет, алар эс тутумду сактап, мейкиндикке кам көрүп, жаңы экспозицияларды жаратып, экскурсияларды жүргүзүп келишет. Алар ар дайым көрүүчүлөрдү кубануу менен кабыл алып, эгерде сиз кичине кызыгуу жаратып койсоңуз, өзүнүн билгендерин айтып берүүгө даяр.

Биз Бишкектин музейлерин жана анын айланасын көрүнүктүү кылып, аларга, биринчиден шаар тургундарынын, ошондой эле, туристтердин, борбор калаабыздын конокторун, изилдөөчүлөрдүн, адистердин кызыгуусун жараткыбыз келет. Музейлерди кайра көргөн сайын, биз мурда көз жаздымда калтырган кандайдыр бир жаңы нерселерди байкайбыз, адамдар жана мейкиндик менен болгон жаңы тажрыйбаны алабыз. Биз шаар музейлери жана шаардыктар тез-тезден жолугуп туруусун каалайбыз.

*Алима Токмергенова, Александра Филатова*




*Г. Айтиев атындагы КУКӨМнин экспозициясындагы сайманын фрагменти.*

# искусство музейлери





*Токтогул көчөсүндөгү үй.*



*Токтогул Сатылгановдун бюсту. Автору Ольга Мануилова.*

# Токтогул Сатылганов атындагы адабият жана искусство музейи

*Дареги: Токтогул көчөсү 109*
*(Орозбеков көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 62 38 30.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*9:00 – 17:00 (тыныгуу 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: акысыз.*
*Инстаграм: @odm_museums*

Көп адамдар бул имаратты акын Токтогул Сатылгановдун үй-музейи деп туура эмес болжолдошот, бирок акындын тематикалык музейи өлкөнүн түштүк аймагында бар. Бирок үйдүн акынга кыйыр тиешеси бар, бул жерде бир кезде акындын кызы Гүлсара жашаган. 1989-жылы бул жерде адабият, музыка, театр жана кинонун тарыхына арналган музей ачылган.

Албетте, Токтогул Сатылгановго, анын өмүр баянына жана чыгармачылыгына өзүнчө стенд арналган: борбордук залда Ольга Мануилова гипстен жасаган чоң бюст турат, ал эми айнек кутуда импровизатор акындын комузу (анын жанында Абдылас Малдыбаевдин домбрасы) турат.

Ал эми үч бөлмөдөгү дубал такталарында ар кандай чакан маалыматтар бар, архивдик сүрөттөргө жана түшүндүрмө тексттерге чоң басым жасалган.



*Музейдин экспозициясындагы музыкалык аспаптар.*

Экскурсоводсуз бардык нерсени кенен түшүнө албайт элек. Биз менен музейдин башчысы, реставратор сүрөтчү Темирлан Абдылдаев болду. Ал бизге ар бир багыт боюнча кенен токтолуп, Кыргызстандын адабиятына чоң басым жасап, ар кайсы мезгилдин жазуу эстеликтеринен баштап, кыргыз тилинин өнүгүүсүнө зор салым кошкон тарыхый инсандарга чейин айтып берди.

Биринчи кезекте, булар Алиппени түзгөн Ишеналы Арабаев, ошондой эле, араб орфографиясынын негизинде **ө**, **ү**, **ң** тамгаларын киргизип, иштеп чыккан анын окуучусу Касым Тыныстанов. Эки ишмер тең улутчулдукка айыпталып, камакка алынып, Ички иштер эл комиссарлыгында (НКВД) курман болушкан, Исхак Раззаковдун аракети менен 1958-жылы акталган. Сүрөтчү Валерий Руппель репрессиялангандардын илимий жана адабият эмгектерин, күндөлүк жазууларын символдогон инсталляцияда көрсөткөн.

Мындан сырткары, экспозицияда сейрек кездешүүчү китептер коюлган: Сагынбай Орозбаковдун айтуусунан жазылган, «Манастын» биринчи чыгарылышы, көптөгөн кыргыз акын-жазуучуларынын, анын ичинде М. Элебаев, А.Токомбаев, А.Осмоновдун чыгармаларынын уникалдуу басылмалары коюлган. Жалпысынан алганда, музейдин жана экскурсоводдун артыкчылыгы – музейге барып келгенден кийин көбүрөөк маалымат издеп, тарых барактарын ачып же, жок дегенде, экспозицияда айтылган авторлордун бирин окууну каалоо.

Бул жерде иш-чаралар, конференциялар, тематикалык көргөзмөлөр, эскерүү кечелери өткөрүлөт, анткени музей бир гана адамга же багытка багытталган эмес, иш-чараларды жана эскерүү күндөрдү өткөрүү үчүн себептер көп. Бириккен музейлер дирекциясына (ОДМ) социалдык тармактардан көз салып туруңуз.



*Тоголок Молдо көчөсү тарабынан музейге кирүү.*



*Чио-Чио-Сан айкели. Автору Тургунбай Садыков.*

# Т. Садыков атындагы Улуттук сүрөт Академиясынын көркөм өнөр илимий-методикалык музейи

*Дареги: Тоголок Молдо көчөсү 50*
*(Рыскулов көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 32 48 54.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*9:00 – 17:00 (тыныгуу: 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: акысыз.*

Эгерде сиз бул музейде болбосоңуз, канча жолу ушул музейдин жанынан өткөнүңүздү эстеп, таң калсаңыз керек. Спорт сарайынын жанындагы Аскер госпиталынын эски имаратында гипстен, жыгачтан жана башка материалдардан жасалган ондогон, мүмкүн, жүздөгөн айкелдер катып турушат. Бул СССРдин эл сүрөтчүсү Тургунбай Садыковдун чыгармалары.

Биринчи кабатта сиздерди Ысык-Көл Форумунун ишмерлери «тосуп алат». Алар менен үнүңүздү катуу чыгарып саламдашсаңыз, бир адам пайда болуп, сиздерди бардык залдарды көрсөтүүгө ээрчитип жөнөйт. Маалымат экскурсиясын жүргүзө алышпайт, бирок бул жерде сөз жок эле бардыгы түшүнүктүү. Музейде Тургунбай Садыковдун ар кайсы жылдардагы иштери, монументалдык композицияларынын эскиздери, көрүнүктүү адамдардын эскиздери, дубалдарда





*КРнын Көркөм сүрөт академиясынын студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн эмгектери.*

сүрөтчүлөрдүн маанилүү кезигүүлөрүнүн жана окуяларынын фото документациясы экспозицияланган.

Тургунбай Садыков – шаардагы монументалдык айкелдердин жарымынын автору десек дагы болот. Эң белгилүүлөрү – Революцияда күрөшкөндөрдүн монументи, Лениндин эстелиги, Филармониянын жанындагы Манас архитектуралык-скульптуралык комплекси, Бүбүсара Бейшеналиеванын эстелиги ж. б. Ал кыргыз айкел мектебинин негиздөөчүсү, анын аракетинин артынан убагында мамлекетте айкелдин өнүгүүсү үчүн материалдык база өнүккөн. Тургунбай Садыков көп жылдар бою Улуттук көркөм сүрөт Академиясын жетектеген, ошондуктан бул илимий-усулдук музейдин эң негизги залы – окуу жайынын студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн иштери коюлган көргөзмө мейкиндиги.

Көргөзмө залы бизди, биринчиден, жанрлардын жана техникалардын ар түрдүүлүгү менен (живопись, графика, линогравюра, керамика, скульптура), албетте, аткаруунун бийик сапаттуулугу менен абдан таң калтырды. Бул жер монументалдык искусство тармагында академиялык стилде иштеген заманбап сүрөтчүлөрдүн чыгармаларын көрө ала турган сейрек жерлердин бири. Экспозиция жылына эки жолу – күзүндө жана жазында – жаңыланат.

Бул жерде айкелчинин чеберканасы бар, бирок өзү чеберканага келип турары жөнүндө маалымат ала алган жокпуз.



*Уламыш.*
*Д. Рустамов, 1986.*



*Чаңкоо.*
*Д. Тугаринов, 1985.*

# Мамлекеттик ачык асман алдындагы айкелдер музейи

*Дареги: Эмен багы, Пушкин көчөсү*
*(Ч. Айтматов атындагы сейил багы).*
*Иштөө убактысы: күнү-түнү.*
*Кирүү: акысыз.*
*Инстаграм: @odm_museums*

Күнү-түнү иштеген уникалдуу музей, экспонаттарды ар кандай кезекте, ар кандай аралыкта, ар кайсы тарабынан, жарыктын ар кандай тийгенинде жана контрастында көрө берсе болот. Күндүн, сезондун, аба ырайынын жана жагдайдын өзгөрүүсү менен жаратылыш бул чыгармалардын автору болуп калгандай.

Бул музейдеги айкелдер скульптор-монументалист, Бишкектеги эстеликтердин көбүнүн автору Тургунбай Садыковдун демилгеси менен бүткүл союздук, эл аралык жана республикалык сипмозиумдардын алкагында жаралган. Биринчи бүткүл союздук симпозиум 1984-жылы өткөрүлдү, ал эми кийинки жылы айкелчилердин эл аралык жыйыны болду (андан кийин ар жыл сайын өткөрүлчү). Симпозиумдар ар кайсы өлкөдөн келген жаш жана тажрыйалуу чеберлер тажрыйба алмаша турган чыгармачыл лаборатория болуп калды, ал эми бул «резиденциялардын» натыйжасында Эмен багы айкелдерге толтурулуп турду.



*Такты.*
*Ф.Папазов, 1989.*



*Ташка айланган керик.*
*В.Фрич, 1985.*

Айкелдерди жаратууга Кыргызстандын табигаты бай болгон мрамор, акиташ, доломит ташы, тоодон алынган кум теги, граниттер колдонулган. Бардык чыгармалар ачык асман алдындагы плэнерде жаратылган.

1989-жылы айкелдер сейил багы Мамлекеттик ачык асман алдындагы скульптура музеи деген статусуна ээ болгон. Мейкиндикти уюштуруу боюнча музейдин өзүнүн логикасы бар – айкелдер жылдар жана темалар боюнча топтолгон. 1984-жылы «Тынчтык жана эмгек» темасындагылар сейил бактын борборунда жайгашкан, айкелдин жогорку бөлүгүндө 1985-жылкы «Биздин замандаш жашоодо жана эмгекте» жайгашкан.

Экинчи Эл аралык эмгек темасындагы симпозиумдун экспонаттары Сүрөтчүлөр союзунун галереясынын жанында топтолгон. Абдымомунов көчөсүндөгү аллеядагы чыгармалар 1994-жылы өткөн «Адам жана экология» аталыштагы Жетинчи республикалык симпозиумда жаралган. Ар кандай жылдар ар кандай стилистикалык чечимдер, чыгармаларды жаратуу контексти менен белгиленген. Музейде жалпысынан 97 чыгарма бар, алардын акыркысы 2017-жылы түзүлгөн.

Эң эсте каларлык айкелдердин бири, Кубалык сүрөтчү Хосе Антонио Диаздын «Тынчтык дарбазасы» (кум тегинен жасалган) Индия дарбазасына же Бранденбург дарбазасына окшош. Паркта мрамордон үч гана айкел бар, алардын бири поляк скульптору Владислав Фричтин «Ташка айланган керик». Анын аты-жөнүнүн баш тамгалары айкелдин өзүндө чегилген. Сейил бакты аралап жүрүп, Кыргызстандын сүрөтчүлөрү Дүйшөн Жолчуевдин («Чокуда», 1985), Виктор Шестопалдын («Күтүү», 1984), Заур Хабибулиндин (Аякталбаган ыр, 1984), Айдарбек Усукеевдин (Бүркүттүн акыркы шаңшыганы, 1989) чыгармаларын таба аласыз. Айрым айкелдер эки тараптуу экенине көңүл буруңуз. Эгер таш айкелди айланып өтсөңүз, арткы бетинде сюжеттин уландысы ачылганын көрөсүз.

Симпозиумдар идеясы 90-жылдары республикалык деңгээлде уланып, Таласта (Шекер айылы), Токтогулда, Баткенде, Чолпон-Атада (Рух-Ордо) ачык асман алдындагы музейлер пайда болгон.



*Галереяга кирүү.*



*«Эмен багы» галереясындагы көргөзмө.*

## С. Чуйков атындагы «Эмен багы» КРдин Сүрөтчүлөр союзунун көргөзмө залы

*Дареги: Пушкин көчөсү 78А (сейил бактын борборунда).*

*Байланыш телефондору: 0312 66 23 43, 0707 18 94 97.*

*Иштөө графиги: шейшемби – жекшемби күндөрү,*

*11:00 – 17:00.*

*Кирүү: акысыз.*

*Инстаграм: @dubovy_gallery*

1935-жылдын 1-январында мурдагы Никол чиркөөсүнүн ордуна сүрөтчү Семен Чуйковдун демилгеси менен Фрунзедеги алгачкы сүрөт галереясы ачылган. Экспозицияны Третьяков галереясынын фондунан бөлүнгөн И. Репин, В. Суриков, И. Айвазовский, И. Шишкин, П. Кончаловский ж. б. көптөгөн сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрү (бардыгы 72 сүрөт) түздү. 1944-жылы галерея Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт искусство музейи деп өзгөртүлгөн. Музей фондусун көп ирет толуктап, мейкиндигин кеңейтти жана азыр Эмен багынан алыс эмес, Абдрахманов 196 дарегинде жайгашкан. Убакыттын өтүшү менен галерея өзгөрүлдү, экинчи кабаты пайда болду, ал жерде сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрүнүн жана башка сүрөтчүлөрдүн убактылуу көргөзмөлөрү өтүп турат. Галереянын анонсторун социалдык тармактарда жана кире беришиндеги дубал тактасынан көрүп турууга болот. Галереянын биринчи кабатында кийизден, териден, жыгачтан кол эмгек менен даярдалган буюмдар сатылган сувенир дүкөнү бар.

Баса, Эмен сейил багы, анын ичинде Сүрөтчүлөр союзунун көргөзмө залынын имараты жана Ачык асман алдындагы айкелдер музейи Кыргызстан Өкмөтүнүн токтомунун негизинде Тарых жана маданият эстеликтеринин мамлекеттик тизмесине киргизилди.




*Улуттук китепкананын экинчи кабатындагы музейге кирүү.*



*Алыкул Осмонов жашаган үйдүн үлгүсү.*

# Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасына караштуу Алыкул Осмонов атындагы музейи

*Дареги: Абдрахманова көчөсү 208*
*(Фрунзе көчөсү менен кесилишет), 2-кабат.*
*Байланыш телефондору: 0312 30 46 75, 0312 30 46 77.*
*Иштөө графиги: күн сайын, 9:00 – 18:00*
*Кирүү: окурмандын бир жолу колдонула турган пропуску – 10 сом же туруктуу окурмандык билет боюнча.*
*Китепкананын сайты: www.nlkr.gov.kg*

Кыргызстанда Алыкул Осмоновго арналган бир нече үй-музейлери бар, бирок акындын чыгармачылыгы менен таанышуу үчүн алыс баруунун кажети жок. Улуттук китепканага баруу жетиштүү (китепкана акындын атын алып жүрөт). Бул чакан музейге кирүү үчүн окурмандын бир жолу колдоно турган билетин алуу керек (паспорттун негизинде). Мындай музейлерге көбүнчө кыргыз адабият сабагынын алкагында же жалпы өнүгүүсү үчүн окуучуларды жана студенттерди алып барат. Кызыктуусу, музейге «өзүңүздүн ыктыярыңыз» менен чоңойгон курагыңызда келгениңизде, экспонаттарга башка көз караш менен карайсыз, дубал такталарындагы жазууларды абдан көңүл буруп окуйсуз.

Негизинен экспозиция кыргыз тилинде, этикетаждын кээ бири орус тилинде, бирок ансыз деле бардыгы түшүнүктүү: архивдик ак-кара фото сүрөттөр, өткөн кылымдын 30-жыл-



*А. Осмоновдун бөлмөсүнүн реконструкциясы.*




*А. Осмоновдун чыгармалары менен китептер.*

дарында чыккан акындын чыгармаларынын уникалдуу басылмалары, балдар үчүн китептердин котормолору (кээ бири латын тамгалары менен жазылган). Дубалдарда акын Алыкул Осмоновдун живопись (авт. Г. Айтиев), гравюра (авт. А. Сгибнев) потреттеринин көчүрмөлөрү илинген. Экспозициянын борборунда Каптал-Арыктагы жана Чолпон-Атадагы үй-музейлеринин макеттери, ошондой эле 1948-1950-жылдары жашаган Бишкектери үйүнүн макети бар (бул үй-музейине ушул жол көрсөткүчү түзүп жаткан учурда кире албай калдык). Музейдин бир бурчу бөлмө кылып стилдештирилген, анда бардыгы жөнөкөй – терезе, стол, отургуч, май чырак, сыя челек, кол жазмалар, китептери менен этажерка.

Эскерүү күндөрү тематикалык иш-чаралар өткөрүлүп турат, ал эми башка күндөрү экскурсия сурап алууга болот. Экспозиция таанышуу мүнөздү гана алып жүргөнү түшүнүктүү, ал эми акындын чыгармачылыгы менен таанышуу үчүн анын китептерин окуу керек.




*Музейдин экспозициясындагы музыкалык аспаптар.*

# К. Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваториясына караштуу Музыка тарыхынын музейи

**Алдын ала жазылуу боюнча кире аласыздар.*

*Дареги: Жантошев көчөсү 115*
*(Байтик Баатыр көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 57 02 25*
*(консерваториянын кабылдамасы).*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – ишемби күндөрү,*
*10:00 – 17:00 (тыныгуу: 13:00 – 14:00)*
*Кирүү: акысыз*

Эгерде сиз Токтогул Сатылгановдун комузун же байыркы түркмөн үйлөмө аспабын көргүңүз келсе, сөзсүз түрдө Кыргыз улуттук консерваториясындагы музейге барууңуз керек.

Чакан музей конференц-залда жайгашкан (же тескерисинче), бул ар кандай иш-чараларды өткөргөндө жана делегацияларды тосууда ыңгайлуу. Музейди жогоруда көрсөтүлгөндөй, консерваториянын кабылдамасынын телефонуна байланышып алдын ала жазылып, көрүүгө болот.

Музей 2012-жылы консерваториянын ректору, композитор Муратбек Бегалиевдин демилгеси менен түзүлгөн. Экспозицияда, негизинен, делегациялар эстеликке алмашкан белектер, салттык музыкалык аспаптар бар. Сиз түйдүк түркмөн үйлөмө аспабын же чанг тажик кыл аспабын буга чейин






*Музейдин экспозициясындагы музыкалык аспаптар.*

көрдүңүз беле? Бандола же рубоб деген эмне экенин билесизби?

Кыргызстандын ар кандай элдеринин аспаптары менен таанышуудан сырткары, ыңгайлуу түзүлгөн экспозицияда Кыргызстандагы элдик музыкалык аспаптарынын генеалогиясын көрүүгө болот, дубал такталарындагы маалыматка ылайык алар кыл жана урма аспаптар болуп бөлүнөт, алар салттык жана модернизацияланган болушат. Салттык түрдө Мураталы Күрөңкеевдин кыл кыягы, Атай Огомбаев, Токтогул Сатылганов, Коргоол, Калык Акиевдин комуздары көрсөтүлгөн.

Эски комуздар заманбап комуздардан ичке болгон, анткени аны чапандын астына, колтукка салып, ат минип, жолго чыкканга ыңгайлуу болгон. Экспонаттар музыка жаатындагы ата-бабаларыбыздын архивдик фото сүрөттөрү менен коштолгон. Заманбап аспаптардан, албетте, дулду кош комузу же комуз менен кыл кыяктын кайчылашканы таң калтырды. Бул аспаптар ойнологондо кандай добуш чыгаруусу түшүнүксүз, бирок таң калычтуу көрүнөт экен.





*М галереясы.*

# М галереясы

*Дареги: Манас көчөсү 40, ЦУМ-2, төртүнчү кабат.*

*Байланыш телефондору: 0557 55 50 25, 0550 55 12 93.*

*Иштөө графиги: дүйшөмбү – ишемби күндөрү,*

*9:00 – 18:00*

*Кирүү: акысыз*

*Инстаграм: @gallerym.art*

Заманбап авторлордун иштерин жөн гана көрбөстөн, өзүңүзгө же белекке сатып алса боло турган галерея. Галерея бардык көрүүчүлөр үчүн акысыз, ал эми жаңы ЦУМдун филиалында убактылуу көргөзмөлөр өтө турган кошумча мейкиндиги бар, мисалы, ар жыл сайын ноябрь айында сүрөтчү айымдардын чыгармалары коюлган экспозиция даярдалат. Соода борборунуна баргандар капыстан көрүүчү болуп калгандары кубандырат. Мындан сырткары, ар ишемби сайын эки филиалда тең живопись боюнча чебер-класстар өткөрүлүп турат.



*Музейдеги экскурсия.*



*О. Мануиловaнын «Фронтко жардам» айкели, 1942.*

# Г. Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм өнөр музейи

*Дареги: Абдрахманов көчөсү 196*
*(Опера жана балет театрынын маңдайында).*
*Байланыш телефону: 0312 62 16 41*
*Иштөө графиги: шейшемби – жекшемби күндөрү,*
*11:00 – 18:00 (айдын акыркы жума күнү – санитардык күн).*
*Кирүү: чоңдор үчүн – 80 сом, студенттер үчүн – 40 сом,*
*мектеп окуучулары үчүн – 20 сом.*
*Экскурсиялар: чоңдор үчүн топтук жалпы – 100 сом,*
*студенттер үчүн – 70 сом, мектеп окуучулары үчүн – 50 сом.*
*Сайт: www.artmuseum.kg*
*Инстаграм: @aitievmuseum*

Бул Кыргызстандагы эң ири жана эски музей. 90 жылдын ичинде бул музейде кыргыз көркөм өнөрүнүн жана кол өнөрчүлүгүнүн мыкты чыгармаларынын эң чоң топтому чогултулду. Музейди шашылбай көрүү үчүн эки саатты бөлүү туура болот. Эң оболу сырткы кийимдерди, чоң сумкаларды жана рюкзактарды биринчи кабаттагы кийим илген жерге таштап коюшуңуз керек. Экинчи кабаттагы вестибюлдан башталган туруктуу экспозицияда кыргыз колдонмо кол өнөрчүлүгүнүн чыгармалары – ала кийиздер, шырдактар, териден жана жыгачтан даярдалган буюмдар, күмүш зер буюмдары, кийимдер, боз үй буюмдарынын элементтери жайгашкан.



*Туруктуу экспозициядагы шырдактын фрагменти.*

Бардык экспонаттар музейдин кызматкерлери тарабынан аймактарда, советтер союзу учурунда болгон экспедицияларда топтолгон. Экспозицияны профессионалдык сүрөтчүлөр жараткан колдонмо кол өнөрчүлүгүнүн чыгармалары улантат, анда жерге салынуучу кийиз буюмдарынын жаңы функционалдык маанисин көрүүгө болот. Алар эми боз үйдө жөн гана жерге салынбастан, интерьерде монументалдык панно катары дубалда илинип турат, ал эми татаал орнаменталдык оймолордун ордуна окула турган сюжеттер жана композициялар (адамдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр) жайгашкан.

Көркөм сүрөт искусство залдарында экспозиция хронологиялык тартипте жайгашкан – кыргыз живопись мектебинин

негиздөөчүлөрү Владимир Образцов, Семен Чуйков, Гапар Айтиевден баштап Жаңы толкундун өкүлдөрү Кадыр Беков, Жылкычы Жакыпов, Эркин Салиев ж. б. чейин чагылдырылган.

Бул жердеги скульптура Ласло Месарош, Ольга Мануилова, Тургунбай Садыков, Виктор Шестопал, Заур Хабибулин жана башка көптөгөн сүрөтчүлөрдүн чыгармалары менен көрсөтүлгөн.

Музей көрүүчүлөрдүн суранычы менен 2022-жылы музей орус живописи залын ачкан, экспозицияда Роберт Фальк, Петр Кончаловский, Иван Шишкин, Иван Айвазовский жана башка сүрөтчүлөрдүн чыгармалары коюлган. Бул залдагы Михаил Врубелдин «Ак куу-ханыша» чыгармасына көңүл бөлүңүз. Туруктуу экспозиция пластикалык искусствосунун дүйнөлүк мыкты чыгармалырынын факсимилдик көчүрмөлөрү менен аяктайт.

Эгерде сиздин убактыңыз жетсе, убактылуу көргөзмөлөр коюлган залдарга кирсеңиз болот, алар тез-тез алмаштырып турат. Бардык анонстор социалдык тармакта жарыяланып турат. Көргөзмөлөрдүн ачылышы болгон күндөрү кирүү акысыз. Мындан сырткары ар ишемби күнү музейде дүйнөлүк искусствонун жана моданын тарыхы боюнча лекциялар болуп турат (кирүү: 300 сом). Музейде обзордук жана тематикалык экскурсиялар кыргыз, орус жана англис тилдеринде өткөрүлөт.




*К. Шкурпеланын жеке көргөзмөсү жайгашкан зал.*



*М. Шейшенбаевдин айкели.*

# Tolon Museum of Modern Art

**Алдын ала макулдашуу боюнча баруу ыңгайлуу.*

*Дареги: Кунтуу айылы.*

*Байланыш телефондору: 0771 40 94 07; 0312 62 32 27.*

*Иштөө графиги: шейшемби – жекшемби күндөрү,*

*14:00 – 20:00.*

*Кирүү: 20 $*

*Инстаграм: @tolonmuseum*

Бул текст жазылып жаткан учурда музей жаңы ачылып, коллекциясы экспозицияланып, өз дарегине жана ордуна ээ болду. 2023-жылдын октябрына чейин музей өз көргөзмөлөрүн ар кайсы жерлерде өткөрүп келген. Ошондой эле, музейдин активдүүлүгү ошол эле аталыштагы журналдын үзгүлтүксүз чыгарылышы жана ошол эле аталыштагы стипениянын берилиши менен коштолот. Музейдин мүдүрү КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер Гамал Бөкөнбаев музейдин жана анын бардык активдүүлүгүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат.

Музей мурдагы шарап өндүрүү жана таңгактоо заводунун имараттарында жайгашкан. Музейдин жаратуучуларынын музейдин чоң аймагына чоң пландары бар. Бүгүнкү күндө мурунку цехтерде искусство залдары жайгашкан, ар бири тигил же бул темага, же сүрөтчүгө арналган. Ошентип, актуалдуу искусство залы, музейдин стипендиаттарынын залы, фото сүрөт залы жана Константин Шкурпеланын музей залы бар. Дал ушул учурда форма жана мазмун бирдиктүү фронт болгонун көрүүгө болот.



*Рахат Асангулованын эмгеги.*



*«Мына келдик» көргөзмөсү.*

Эски завод – бул бир кездеги жумуш орду, адамдардын социалдашуусу, жакын жерде жашагандарга кошумча маани берген коомдук байлык. Иши токтогондон кийинки жылдарда бул жер каралбай калды. Бузулган жерлерин шыбап-бүтөбөдү, тескерисинче ал жерлер консервацияланды. Көрүүчүлөр үчүн бул СССРдин ыдыраганынан кийинки кыйроо эмес, СССР өзү эскирип калгандай туюлат.

Бул шарттарда имарат өзү экспонат болуп калууда. К. Шкурпеланын иштеринин мазмуну өз өзүнчө каралбайт. Кураторлордун жумушунун натыйжасында бул мазмун ошол жер-антураж туюмдар аркылуу окулат. Куратор мейкиндик менен эң сонун иштейт. Экспозицияны ар кандай тарабынан жана бийиктик деңгээлинен көрүүгө болот, ал жерде көпүрөлөр, тепкичтер, өтмөктөр көп болгондуктан, лабиринттей сезилет. Ал сезимдерди Алиса керемет дүйнөсүндөсүндөгүдөй сүрөттөөгө болот. Ленин өзүнүн образында жомоктогу коендой болуп ар кайсы жерде турат, эгерде бийиктиктен караса, Нух кайыгы экспозицияда сүзүп кетип бара жаткан болот. Музейдеги ар бир статуэтка өзүнчө экспонат боло алат, бирок алар ал жерде К. Шкурпеланын инсталляциясынын бөлүгү, ал эми ал инталляция Г. Бөкөнбаевдин объектисинин (имарат) бөлүгү.


Мульти мейкиндик кабыл алуу пайда болот. Андан сырткары, ар кайсы доордо жана убакытта болгондой сезим пайда болот. Өткөн кылымдын 20-жылдарындагы советтик доордун башталышындагы кызыл кездемелердеги ураан эстетикасы жылаңач манекендер эстетикасы айкалышып турат. Алар терезелерде коюлуп, Кызыл чырактар кварталын эстетип турат. Мүмкүн, бул эстетика музей интерпретациясындагы советтик экзотика.

Бара тургандарга алдын ала сүйлөшүп алууну сунуштайбыз, арзандатуулар жана экскурсиялар каралган.



*Улуттук тарых музейинин экспозициясындагы зер буюмдар.*

# илимий-тематикалык музейлер





*Тоо тектеринин үлгүлөрү.*

# У. Асаналиев атындагы Кыргыз тоо-кен металлургия институна караштуу геологиялык музейинин окуу лабораториясы

**Алдын ала жазылуу менен көрүүгө болот.*

*Дареги: Чуй проспектиси 164*
*(мэриянын имаратынын сол тарабында).*
*Байланыш телефондору: 0312 61 05 97 (кафедра).*
*Көрүүчүлөрдү кабыл алуу графиги: шаршемби, жума,*
*9:00 – 13:00.*
*Кирүү: акысыз.*

Көп сандагы тоо тектеринин жана минералдардын үлгүлөрүн чогулткан окуу лабораториясы бир кезде мектепте алган билимин жаңырткысы келгендер же жаңы нерселерди билгиси келгендер үчүн жумасына эки жолу ачык болот.

Лаборатория Чүй проспектисиндеги У. Асаналиев атындагы тоо-кен металлургия институтунун окуу корпусунда жайгашкан. Окуу классын басып өтүп, шкафтар жана текчелер коюлган чоң залга киресиз. Анда 70 жылда топтолгон, айнектин артында коюлган жана аттары жазылган Кыргызстандын гана эмес, башка өлкөлөрдүн дагы тоо тек байлыктарынын үлгүлөрүн көрө аласыздар. Залдын борборунда институттун негиздөөчүсү, геология-минералогия илимдеринин доктору,




*Мамонттун сөөктөрү.*




*Тоо тектери.*




*Тоо тектери (малахит жана доломит).*

академик Үсөнгазы Асаналиевдин чоң портрети турат. Шыптын төмөн жагында биздин өлкөдөгү илимдин башында турган көрүнүктүү геологдордун портреттери илинип турат.

Минерал, таштардын ар кыл формаларын жана түрлөрүн кунт коюп көрүү үчүн сизге көп убакыт талап кылынат. Бизди таң калтырганы мамонттун 3 жаштык баласынын сөөктөрү болду. Ушунчалык кызыктуу болгондуктан, кеткибиз келген жок. Музейге баруудан мурда алдына ала берилген номерге чалып, окуу процессине жана адисттердин негизги жумушуна тоскоол болбогондой болуп барыңыз.

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нумизматикалык музейи

**Барып көрүү алдын ала жазылуу боюнча.*

*Дареги: Чуй проспектиси 168*
*(мэриянын оң тарабындагы имарат).*
*Экскурсия өткөрүү маселеси боюнча байланыш*
*телефондору: 0312 66 90 08, 0312 61 24 14.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*10:00 - 16:00 (тыныгуу: 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: акысыз.*

Биз музейлердин функциялары жөнүндө ойлонгондо, алардын негизги функцияларынын бири билим берүү экендигин унутпашыбыз керек. Биз музейге кандайдыр бир жаңы нерсени билүү үчүн келебиз: анын ичинде экспозициянын курулуусу аркылуу дагы, экспозиция жөн гана көргөзбөстөн, сүйлөп дагы берет.

Нумизматика музейи өзүнүн көрүүчүсү менен даректүү, абдан жеке жана жеткиликтүү тилде сүйлөйт. Музей КРдин Улуттук банкынын имаратында жайгашкан. Ага алдын ала жазылып, паспорт менен кирүү керек. Кирип бара жатканда буюмдарыңызды сактоо уячасына таштооңузду сунушташат.

Ушул баскычтарды өткөндөн кийин, сиз музей жайгашкан банктын бир нече бөлмөлөрүндө болосуз. Ушул жерде эң кызыктуу нерсе башталат.

Сиздин коштоочуңуз экспонаттар жөнүндө абдан көп билген банктын кызматкери болот. Ал эми экспонаттар эки залда жайгашкан. Бир залында башка өлкөлөрдүн ушундай эле улуттук банктарындагы кесиптештер берген белектерди көрүүгө болот: дүйнөнүн ар тарабынан келген тыйындар жана купюралар, биздин аймактын эски тыйындары. Экинчи залы улуттук валютанын тарыхына арналган, тагыраагы, кыргыз сомуна жана кичинекей тыйынына. Бул жерде сиз купюралардын дизайнынын өзгөргөнүн, алардын чыгаруу тарыхынын өзгөрүүсүн, бул басып чыгаруунун жана чеканканын кандай ыкмалар менен, коопсуздук менен байланышкандыгын, Кыргызстандын тарыхы жана саясаты менен айкалышкандыгын биле аласыз.

Кыргызстандын нумизматикасынын тарыхын жана азыркысын билген коштоочу жаныңызда аягына чейин жүрөт. Ал интерактивдүү ыкманы колдонот, эгерде сиз суроолоруна туура жооп берсеңиз, момпосуй жана эстеликке белек аласыз! Сиз бул музейден жаңы билим менен, аз да болсо финансы жагынан сабаттуу болуп кайтасыз.




*Музейге кирүү.*



*Экспозиция залы.*

# Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун Зоологиялык музейи

*Дареги: Чүй проспектиси 265А*
*(Үмөталиев көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 64 19 80.*
*Иштөө графиги: шейшемби – ишемби күндөрү,*
*9:00 – 17:00 (тыныгуу 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: чоңдор үчүн – 30 сом,*
*мектеп окуучулары үчүн – 20 сом.*

Музей Биология институтунун биринчи кабатында, корпустун каптал бөлүгүндө жайгашкан. Илимдер академиясы аялдамасынан багыт алса, музейди табуу жеңил. Музейдин залдарына кирип бара жатканда музей атын алып жүргөн профессор Сапаш Касиевдин бюстун көрөсүз.

Бул уникалдуу сактоочу жайга жакында 100 жыл болот. Анын башталышы 1926-жылы Борбордук аймак таануу музейи түзүлгөнүнө туура келет (кийинчерээк ал тарых музейи жана жаратылыш музейи болуп бөлүнгөн). Академик Константин Скрябиндин жардамы менен ал Зоологиялык музейге айландырылып, СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын карамагына өткөрүлүп берилген (1946). Шаарда жайгашкан жерин бир нече жолу өзгөртүп, Зоологиялык музей акыркы 20 жылдан бери Биология институтунда орун ээлеп келет.

Биз барган күнү, ишемби күндүн эртең мененки мезгили болгонуна карабастан, музейде туристтер жана кичинекей балдары бар үй-бүлө бар эле. Бирок, музейдин кызматкери Сырга Аманалиеванын айтымында, күн сайын эле мындай боло бербейт. Негизги көрүүчүлөр – мектеп окуучулары жана студенттер, алар үчүн ал топтук экскурсияларды өткөрөт. Кенже илимий кызматкер Сырга Аманалиева зоология факультетин аяктагандан кийин эле иштегени келген, 15 жылдан бери музейге кам көрүп келет, азыркы тапта ал паразитология тармагында кандидаттык диссертациясын жазуу менен алек. Музейдин көпчүлүк бөлүгү, албетте, жаныбарлар дүйнөсүнө арналган, музейде бардыгы болуп сүт эмүүчүлөрдүн, сойлоп жүрүүчүлөрдүн, балыктардын, курт-кумурскалардын эки миңдин тегерегиндеги экспонаттары бар. Музейге жеке коллекционер С. Торопов белекке тапшырган биринчи залдагы көпөлөктөрдүн түстүү коллекциясын сөзсүз көрүүнү сунуштайбыз.

Экспонаттардын негизги бөлүгүн совет доорунда, кээ бирлерин өткөн кылымдын 20-жылдарында таксидермисттердин бир нече мууну жасаган. Эң эски экспонат – 1926-жылы Николай Васильев тарабынан жасалган ак куу (лебедь-крикун). Таксидермист – мындай музей үчүн маанилүү адис, анатомиялык жана визуалдык жактан түп нускасы менен окшош жаныбарлардын кебин жараткан адам. Сырга кичинекей суурдун кебин даярдаганын айтып берди: ал үчүн химикаттар менен болгон узак даярдануу талап кылынган, андан кийин айкел менен, жаныбардын скелети менен татаал жумуш аткарылган, бул үчүн бир эле учурда илимпоз дагы, айкелчи

дагы, сүрөтчү дагы болуу керек экендигин айтып берди. Бир тарабынан, Кызыл китепке киргизилген, сейрек кездешүүчү канаттуулар жана жаныбарлардын түзүлүшүн көрүүгө мүмкүнчүлүк болот, экинчи тарабынан, бул өткөндүн унутулган калдыктары.

Экспонаттар узак убакытка сакталуусу үчүн аларды химикаттар менен иштеп чыгышат, ошондуктан музейде спецификалык жыт болуп турат. Экспонаттардын сапатына зыян келтирбөө максатында жарыгы жок сүрөткө тартуу керек. Музей аралаш сезимдерге алып келет: бир жагынан – Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн био ар түрдүүлүгү менен таанышуу үчүн уникалдуу сактоочу жайы, жакындан ак илбирсти, тоо казын, эликти көрө алабыз, Кызыл китептин сейрек өкүлдөрү тууралуу өзүбүздүн билимибизди кеңейте алабыз, экинчи жагынан, витриналарды алмаштыруу, экспонаттарды жаңыртуу, экспозицияга интерактивдүү, заманбап ыкмаларды киргизүү сыяктуу мейкиндикке оңдоп-түзөө иштери талап кылынганын көрөбүз.

График боюнча музей 9:00дөн 17:00ге чейин иштейт, бирок 15:00ге чейин барууңузду сунуштайбыз, калган эки иш саатын кызматкерлер музейди тазалоого жана экспонаттарга кам көрүүгө жумшайт.



*Жасалма үңкүр түрүндөгү музейдин коридору.*

# Суу музейи

**Барып көрүү алдын ала жазылуу боюнча.*

*Дареги: Медеров көчөсү 68*
*(Тыныстанов көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 54 87 31*
*(гидрогеология факультети).*
*Иштөө графиги: баруу алдын ала жазылуу боюнча*

Коммуникациясы боюнча абдан сырдуу жана татаал музей. Бирок, сиздер ал музейге жетсеңиз, өкүнбөйсүз. Экскурсияга негизинен 10 же андан көп адамдан турган топтор кабыл алынат, бул жерге балдар менен келүү абдан жакшы болот.

Суу ресурстары темасы биздин өлкө үчүн абдан актуалдуу, аны пайдаланууга жана бөлүштүрүүгө гана эмес, экологиялык туруктуулукка да тиешелүү. Бул жагдайда музей аталган маселелерди интерактивдүү экспозиция аркылуу маалымдоонун, аларды чечүү жолдорунун дагы бир ыкмасы. Борбордук Азиядагы биринчи жана азырынча жалгыз Суу музейи 2015-жылы Эл аралык донорлордун колдоосу менен ачылган. Экспозицияны түзүүгө төрт жылдан ашуун убакыт талап кылынган.

Музей К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин гидрогеология факультетинин лабораториялык корпусунда жайгашкан. Бул өлкөдөгү эң эски жана ири окуу жайлардын бири, бир кезде бул жерде бүтүндөй Бор-



*Шаар суу камсыздоосунун түзүлүшүнүн үлгүсү.*





*Балдар менен жандуу сабактар үчүн аймак.*

бордук Азия аймагы үчүн суу ресурстары боюнча адистер даярдалган.

Музейдин өзү абдан чоң. Бул ар кандай инсталляциялар жайгашкан суу астындагы стилдештирилген грот бар, атайын үн эффекттери менен коштолгон узун коридор. Тоннелдин эки жагында жерлерди жакшыртуу, алардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, суу камсыздоо, суунун химиялык түзүмүн көрсөткөн ж. б. лабораториялар чагылдырылган. Бул жерде плакаттардын жана макеттердин жардамы менен интерактивдүү формада балдарга шаарларды суу менен камсыздоо тарыхын, суунун касиетин, аны сактоонун жана үнөмдөөнүн ыкмаларын көрсөтүүгө болот. Мындай сабактарды өткөрүү үчүн залдар парталар, отургучтар, доскалар менен жабдылган.

Экспозицияны иштеп чыгуучулар жалпысынан экосистемага тиешелүү темаларды да козгогон. Бизге, мисалы, Кыргызстандын канаттуулары жашаган аймактар менен карта абдан жакты. Пайдалуу маалыматтар менен сүрөттөрдүн үстүндөгү кнопкаларды басуу менен, сиз тигил же бул канаттуунун сайраганын уга аласыз.

Музейдин билим берүү жагынан да, көркөмдүк жагынан да абдан жакшы дарамети бар. Бул музейди түзүүдө абдан көп жана кылдаттык менен иш жүргүзүлгөнү сезилип турат, университеттин ичинде жайгашкан мейкиндик өзү эле мүмкүн болушунча көп көрүүчүлөрдү чакырууга түртөт.





*Улуттук тарых музейинин экспозициясындагы керамика буюмдары.*

# Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи

*Дареги: Чүй проспектиси 112, Ала-Тоо аянты.*
*Байланыш телефондору: 0312 62 61 05 (касса),*
*0312 62 60 90 (экскурсия бөлүмү).*
*Иштөө графиги: шейшемби – жекшемби күндөрү,*
*9:00 – 18:00 (айдын акыркы жума күнү – санитардык күн).*
*Кирүү: чоң адамдар үчүн – 200 сом, студенттер үчүн – 190 сом, мектеп окуучулары үчүн – 110 сом.*
*Экскурсиялар: чоң адамдар үчүн топтук жалпы-тематикалык – 310 сом, студенттер үчүн – 190 сом, мектеп окуучулары үчүн – 130 сом, пенсионерлер үчүн – 190 сом. Индивидуалдуу – 300 сомдон 550 сомго чейин.*
*Музейдин сайты: www.historymuseum.kg*
*Инстаграмы: @historymuseum.kg*

Музейлер, кыргызстандыктар көнүп калган форматта, өзүнүн тарыхый булагында европалык музей маданиятынын салтын алып жүрөт. Бул артефакттарды топтоо, сактоо, кайсы бир этногеографиялык, дискурс тарабынан түзүлгөн аймакты изилдөө боюнча илимий иш. Бул жагынан алганда, айтылган музей маданиятынын көрүнүктүү өкүлү – Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи.

1925-жылы негизделгенден бери дээрлик жүз жылдык тарыхында ал өзүнүн атын, имараттарын, экспозицияларын – бардыгын учурдагы саясий дискурска ылайык, өзгөрттү.

Кыргызстанда мындан дагы көбүрөөк саясатташкан музейди элестетүү кыйын.

20-30-жылдары негизинен этнографиялык табигыйилимий топтом, аны менен катар археологиялык топтом жыйналган. 40-жылдардын башында Кыргызстандын тарыхына арналган алгачкы илимий экспозиция ачылган, ал б. з. ч. II миң кылымдан биздин күндөргө чейин чагылдырылган. 50-жылдары социалисттик курулуштун экспозициясы активдүү калыптанган. 1991-жылдан 2016-жылга чейин музейдин экспозициясы жана музейдин өзү аз эле өзгөргөн.

Ал эми 2016-жылдан 2021-жылга чейин ал кезектеги өзгөрүүлөрдү, реконструкцияны жана экспози-



*Улуттук тарых музейинин экспозициясындагы балбал.*

циянын кескин өзгөрүшүн башынан өткөрдү, бүгүн ал өзгөрүүлөрдү музей экскурсиясында көрө аласыздар. Музейдин үч кабаты бар жана биринчисинен үчүнчүсүнө чейин көтөрүлүп жатып, тарыхтын баскычы менен көтөрүлгөндөй болосуз, анткени байыркы археологиялык артефакттардан Советтик Кыргызстандын тарыхына чейинки катар менен көрсөтүлгөн, экспозиция кооз шырдактардын жана саймалардын этно топтомдоруна өтөт.

Бөлүмдөрдүн ар бири көңүл бурууга татыктуу, бирок биздин оюбузча, музейдин биринчи кабатында көптөгөн кызыктуу экспонаттар бар, алардын бири – Умай-эненин таш айкели (б. з. ч. 7-10-к.к., Чуй өрөөнү). Бул айкелдин кызыктуулугу, бардыгына белгилүү болгон Кыргызстандагы балбалдар музейдик гана эмес, күнүмдүк жашоодо дагы атрибутка айланып, жаңы чектерге ээ болууда. Балбал аял – бул сейрек кездешүүчү жана сейрек белгиленүүчү нерсе. Бул айкел бир нече мүнөздөмөлөргө жана символдорго ээ (тажыга окшогон белги – бул Умайдын символу), ал бизге тарых ар кандай көз караште айтыла алгандыгын эске салып турат. Көпчүлүк учурда идеологиялуу калыптанган экспозициялардагы кемчиликтер дал ушундай позициялардын ар түрдүүлүгүнүн жоктугу болуп саналат. Балбал аялдын Улуттук тарых музейинде турганы абдан кубантат.

*1937-жылдын курмандыктарына арналган музейге кирүү*






*1916-жылдын курмандыктарына эстелик.*

# Ата-Бейит
# Улуттук тарыхый-мемориалдык комплекси

*Дареги: Аламүдүн району, Таш-Дөбө айылы*
*(Бишкектен 30 км аралыкта жайгашкан).*
*Байланыш телефону: 0772 32 40 43.*
*Иштөө графиги: күн сайын, 9:00 – 18:00.*
*Кирүү: комплекттин аймагына киргенде ар бир адамдан 50 сом.*
*Инстаграм: @ata_beyit_kompleks*

Ата-Бейитке баруу – бул кандайдыр бир зыярат кылуу. Бул өзүнүн тарыхый мааниси бар жана көп катмарлуу кайра түшүнүү аракеттери бар жер. Комплексттин аймагында бир нече айкелдер, мемориалдык композициялар, көрүстөндөр жана чакан музейи жайгашкан.

Музей экспонаттары тарыхты кургак эле чагылдыруусу мүмкүн, бирок бул билдирүүнүн артында конкреттүү адамдардын трагедиясы турат. Бул комплекс 30-жылдардагы репрессиядан жок болгон адамдардын ысымдарын кайтаруу үчүн курулган, анткени өмүрүн жоготуу менен алардын аттары архивде дагы жоголгон, демек, коомдук нарративден калыптанган жамааттык эс тутумдан да жоголгон.




Бул жер мемориал катары жашыруун көмүлгөн сталиндик репрессиянын курмандыктарынын элестерин калыбына келтирүү максаты менен башталган. Бул жерди 30-жылдардагы репрессиянын курмандыктары көмүлгөнүнө күбө болуп калган атасынан уккан Бүбүра Кыдыралиева көрсөтүп берген. Курман болгондордун ысымдары жазылган монументти көрө аласыз. Кийинчерээк комплекстин аймагында чакан музей ачылган, анда курман болгондордун жеке окуялары, буюмдары жана сүрөттөрү топтолгон.

Репрессияга кабылгандардын арасында ошол кездеги көрүнүктүү маданий жана саясий ишмерлер Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов бар. Бул себептен улам бул жерге Чыңгыз Төрөкулович Айтматов коюлган.


Тарыхтын ар бир айлампасы менен бул жер жаңы монументтерге жана эс тутумдун символдору менен толтурулуп келет. Ошентип, 2010-жылы апрель окуяларынын курмандыктары жана 2022-жылы Баткендеги аскердик жаңжалда курман болгон чек арачылар ушул жерге коюлган.

Көп жагынан бул абдан расмий эс тутум, бирок бул жерде сиздин сезимдериңизге тийе турган бир эстелик бар. Бул 1916-жылдагы окуялардын курмандыктарынын элесине арналган эстелик жана биз анын ортосунан өтүп, жанында бир азга токтолуп турууну сунуштайбыз. Бул эстелик ар кандай бийиктикте илинген ат үзөңгүлөрү жеңил жел согуп жатканда солкулдап, бир аз шыңгырашат. Жымжырттык, шамал жана бош үзөңгүлөрдүн добушу ошол учурда каза болгондордун бардыгын эске салат.

Бул текст жазылып жаткан учурда Ата-Бейит комплекси бул:

- 1937-1938-жылдардагы репрессия курмандыктарына эстелик-мемориал;
- Ч. Т. Айтматовго эстелик жана мүрзө эстелиги;
- 1916-жылдагы кайгылуу окуялардын жүрүшүндө курман болгондорго арналган монумент;
- 2010-жылдагы апрель окуясынын курмандыктарынын мемориалы жана музей;
- 2022-жылы Баткен областындагы аскердик жаңжал учурунда курман болгондордун сөөгү коюлган жер.





*Актан Арым Кубаттын музейиндеги сүрөттөр көргөзмөсү.*

# Актандын өнөр өргөсү.
# Актандын музейи

*Дареги: Күнтуу айылы, Иманалиев көчөсү, 105.*

*Байланыш үчүн: arymkubat@gmail.com.*

*Иштөө графиги: алдын ала жазылуу менен баруу керек.*

*Кирүү: акысыз (музейге жардам кабыл алынат).*

*Facebook: aktanarymkubat*

Кыргыз режиссеру Актан Арым Кубаттын үйүндө түзүлгөн кооз, жагымдуу музей. Актан жубайы Айчүрөк менен чогуу жашаган үйүн музей жаратууга пайдаланып, гаражын кинозалга айландырышкан. Музей буюмдары короону, бакчаны жана үйдү толтурат: «Актандын» киносунун тарыхына жана эстетикасына толук сүңгүү болду. Бул жерден кыргыз киносунун тарыхында көрүнүктүү болуп калган «Бешкемпир», «Маймыл», «Свет аке» тасмаларынын реквизиттерин көрө аласыздар: кийиз килемдер, төшөктөр, сандыктар, телефон аппараттары жана башкалар. Өткөн кылымдын 80-жылдарынан бери Актан чогулткан кино артефактарынын бардыгын айтып бүтүү мүмкүн эмес. Ошондой эле бул жерде режиссердун ата-энеси колдонгон тиричилик буюмдарын көрө аласыздар, аларды ал камкордук жана сүйүү менен топтогон, азыр алар ошол учурдагы сакталган көп буюмдардай эле, кыргыздардын маданий мурастарынын бир бөлүгүнө айланды. Сиз бул музейде болгонуңузда Актандын живопись чыгармасына дагы көңүл буруңуз. Ооба. Ал картина дагы жазат. Азыр жок болгон ата-энесинин үйүнүн эшигине ошол үй-




*Актан Арым Кубаттын музейиндеги сүрөттөр көргөзмөсү.*

дүн живопись сүрөтү жайгашкан. Эки музей экспонаты, бири тарыхый, экинчиси көркөм. Эгерде сиз барган учурда, кудай жалгап, Актан өзүнүн кезектеги кино сыйлагын алганга кетпей, үйүндө болуп калса, ал сизге музей экспонаттарынын тарыхын майда-чүйдөсүнөн бери тамаша аралаштыра таасирдүү кылып айтып берет. Экспонаттардын арасынан Актандын жана анын режиссер уулу Мирландын көп сандаган престиждүү сыйлыктарын көрө аласыз.

Музейге барардын алдында режиссердун ютубдагы жеткиликтүү болгон тасмаларын көрүп чыгыңыз, автордун айтуусу боюнча, антпесе кызыксыз болуп калат.

*Тексти жана фото сүрөттөрү: Алтын Капалованыкы.*



*Аалы Токомбаевдин үй-музейиндеги иш бөлмөсү.*

# мемориалдык үй-музейлер








*Ольга Мануилованын үй-музейине кирүү.*

# Ольга Мануилованын үй-музейи

*Дареги: Тыныстанов көчөсү 108*

*(Киевская көчөсү менен кесилишет).*

*Байланыш телефону: 0312 66 11 74.*

*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*

*9:00-17:00 (тыныгуу 12:00-13:00).*

*Кирүү: акысыз.*

*Инстаграм: @odm_museums*

Скульптор Ольга Мануилованын студиясын качандыр бир Эшиги ачык үй дешчү. Бул жерге коңшу 24-мектеп-гимназиясынын окуучулары кирип турушкан, алар үчүн пластилин, чопо, карандаш жана баланы чыгармачылыкка кызыктыра турган бардык нерселер дайыма даяр болчу. Чыгарма жаратуу үчүн отуруп берүүгө натурщиктер келишчү, кесиптештери, студенттер кеңеш суроого келип турушчу. Бул үй азыр дагы ошол ачыктыгын жана жаркыраган жарыгын сактап турат.

Кыргызстандагы айкелчилик өнөрүнүн негиздөөчүлөрүнүн бири Ольга Мануилова 1939-жылы Фрунзеге Токтогул Сатылгановдун эстелигин даярдоого буюртма алып, аны жасоо үчүн келип, бул жерде түбөлүккө калды. Кийинки жылдары биз шаардын көчөлөрүнөн жана музейлерде көрүп жүргөн көптөгөн монументтерди, декоративдик айкелдерди (Опера жана балет театрынын фронтонун) жасады. Ал бул үйдү Исхак Раззаковдун буйругу менен 1948-жылы алган.





*Ольга Мануилованын үй-музейиндеги СИНЕРГИЯ чыгармачыл өнөрканасынан коллаж жана жумшак материалдар менен калыптоо боюнча арт-терапия жана DJ-видео-сессия учуру. Музейдеги түн – 2021.*

Сыртынан байкалбаган, жапыз тосмо менен курчалган үй мектеп менен турак үйүнүн ортосунда жайгашкан. Үйгө кирип, дароо эле экспозицияда болосуз, коридордон эле сүрөтчүнүн жашоосу менен тааныша баштайсыз: бул жерде өмүр баяндык маалыматтар жайгашкан дубал тактасы, Ольганы чөмүлдүргөндө кийгизген көйнөгү, жеке буюмдары, ошондой эле анын жеке китепканасынан алынган француз тилиндеги китептерин көрө аласыз. Сол тарапта эмеректер, кушетка, иш аспаптары, станок, ошондой эле кичи формадагы айкелдер турган текче жайгашкан кабинет бар. Оң тарапта Ольга Максимилиановнанын өмүрүнүн негизги этаптары менен тааныша аласыз, – ал Фрунзеге көчүп келгенге чейин эмне менен алектенгендиги дагы бар.

Бардыгы болуп музейде 200 скульптура, 500 фото материалдар бар. Чоң залында бюсттар жана декоративдик табактар жайгашкан негизги экспозиция бар. Музейде башка сүрөтчүлөрдүн көргөзмөлөрү өткөрүлүп жаткан учурда айкелдерди башка бөлмөгө алып чыгат, ошондуктан, эгерде музейге барууну чечсеңиз, алдын ала туруктуу экспозиция иштеп жатканына ынаныңыз. Үйдүн артындагы короодо Жоомарт Бөкөнбаевдин бюстунун түп нускасы сакталып турат. Бул жерде жазында сирень гүлү жана алча гүлдөп турат, жайында алча бышат.

Ольга Мануилованын үй-музейи 2000-жылы ачылган. Бул үчүн үйдүн имаратын чакан реконструкциялоо талап кылынган. Бүгүн ал Бириккен музейлер дирекциясынын курамына кирет.





*Гапар Айтиевдин музей-чеберканасындагы экспозиция.*

# Гапар Айтиевдин музей-өнөрканасы

*Дареги: Тыныстанов көчөсү 78*
*(Бөкөнбаев көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 62 31 66.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*9:00-17:00 (тыныгуу 12:00-13:00).*
*Кирүү: акысыз.*

Кызгылт түстөгү минималисттик эки кабат имарат өзүнө тартып турат. Короого кирүүчү кичинекей эшик көп учурда жабык болот, бирок сиз тартынбай кире бериңиз, эшикти каксаңыз, сизди тосуп алып, меймандостук менен кабыл алып, экскурсияны кааласаңыз, өткөрүп беришет.

Бул өнөрканада 1976-жылдан 1984-жылга чейин кыргыз көркөм сүрөт искусствосуна чоң таасирин тийгизген, СССР-дин Эл сүрөтчүсү, алгачкы адискөй живописчи, скульптор жана график Гапар Айтиев иштеген. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүн, согуштан жарадар болуп келгенден кийин, «Фронттон кат» аталыштагы белгилүү чыгармаларынын бирин жазуу менен баштаган. Ал Опера жана балет театрын жасалгалоо ишин башкарган, ага Сүрөтчүлөр союзунун бардык жамааты катышкан.



*Гапар Айтиевдин иш бөлмөсү.*



*Гапар Айтиевдин чеберканасына кирүү.*

Чеберкана сүрөтчүнүн жеке буюмдары, эмеректер, сүрөттөр, ар кайсы жылдагы афишалар менен толтурулган. Эки кабаттагы кенен жана жарык бөлмөлөр, коридорлор, тепкичтин үстү сиз башка эч жерден көрө албай турган, Гапар Айтиевдин иштери менен толгон. Жада калса Париж көчөлөрүнүн фломастер менен тартылган эскиздерин да табууга болот.

Чоң залдын узатасы боюнча кырка тизилген пейзаждар, борборунда, сүрөтчүлөр жамааты досуна жана устатына белекке колдорун коюп берген этюдник турат. Ар кандай кол жазмалардын арасында Лидия Ильинанын, И. Белевичтин, Л. Трусковскойдун кол жазмаларын дагы табууга болот.

Эки кабаттын бөлмөлөрүндө атмосферага сүңгүп жүрө берген ыракат. Күн ачыкта чоң терезелерден күн тийип айрыкча жагымдуу болот. Ишемби күндөрү кээде экскурсиялар өткөрүлөт, ал үчүн алдын ала чалып, убактысын тактап алуу керек.

# Семен Чуйковдун мемориалдык үй-музейи

*Дареги: Чуйкова көчөсү 87.*

*Байланыш телефону: 0312 30 33 64.*

*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*

*9:00 – 17:00 (тыныгуу: 12:00 – 13:00).*

*Кирүү: акысыз.*

*Инстаграм: @odm_museums*

Семен Чуйковдун ысымын алып жүргөнүнө карабастан, музей үч сүрөтчүгө арналган. 1936-жылдан 1938-жылга чейин бул үйдө венгриялык скульптор Ласло Месарош жашаган, бул жөнүндө мемориалдык тактада жана маалымат тактада жазылган. Дал ушул жерде ал шаардагы биринчи скульпторлор үчүн студияны негиздеп, бюст портреттеринин сериясын жараткан. Ал камакка алынгандан кийин имаратта Көркөм өнөр башкармалыгы жайгашкан, ал эми 1949-жылы үйдү сүрөтчү Семен Чуйков «Кыргыз колхоз сюитасы» үчүн СССдин Мамлекеттик сыйлыгын алганда сатып алган.

Экспозициянын негизги бөлүгү биздин өлкөнүн живопись мектебин негиздөөгө чоң салымын кошкон Семен Афанасьевичтин өмүрү жана чыгармачылыгына арналган. Витринада ар кайсы жылдардагы сүрөттөр, документтер жана каттар, көргөзмөлөрдүн каталогдору жана китептер жайгашкан.

Бөлмөлөрдүн биринде сүрөтчүнүн жакшы көргөн токулган креслосу, кийими, башка бөлмөдө палитра, боек, кистилери коюлган иштеген бурчу бар. Музейде ар кайсы жылдардагы этюддары жана картиналар сакталган, кээ бирин ушул гана жерден көрүүгө болот, мисалы, Индия сериясынан «Кол тийбес кастасынан жаш жубайлар» же «Париж, Фобур-Монмартр көчөсү» (1959). Семен Чуйков негизи натурадан тарткан жана пейзаждарды жакшы көргөн, бирок үй-музейде сиз «Талаа гүлдөрү» натюрмортун көрө аласыз (1961).

Эң алыскы бөлмө РСФСРдин эмгек сиңирген сүрөтчүсү Евгения Малеинанын (Семен Чуйковдун жубайы) чыгармачылыгына арналган. Фото сүрөт жана документтерден тышкары, бул жерде анын живопись чыгармалары – натюрморт жана пейзаждар, мисалы, 8-микрорайондогу батирдин терезесинен көрүнүш. Бирок барынан дагы анын керамика иштери көңүлдү бурат: 60-70-жылдары жаратылган табактар, кумгандар, чөйчөктөр.

Музейдин экспозициясында көптөгөн үй-бүлөлүк буюмдар бар – ала кийиз, сүрөттөр, балдарынын бала чактарында тарткан сүрөттөрү. Семен Чуйков жана Евгения Малеина бул өнөркана менен 1949-жылдан 1979-жылга чейин колдонушкан, алар ар жазда келип, күзгө чейин ушул жерде болушкан, андан кийин Москвага кайтышчу.

Сизди музейдин башчысы Марина Закревская тосуп алат, ал ушул жерде 1987-жылы музей пайда болгонунан баштап,



*Семен Чуйковдун мемориалдык үй-музейине кирүү.*



30 жылдан ашуун убакыттан бери иштейт. Марина Евгеньевна үй-музей-ге кам көрүп келет, жылдын күн жылуу мезгилинде бул жерде ар дайым гүл-дөр турат. Ал топтук экскурсияларды (10 адамдар жогору) өткөрөт, сүрөт-чүлөрдүн чыгармачылыгына тиешелүү бардык суроолорго жооп берүүгө даяр.

Музей сүрөтчүнүн ысымын алып жүр-гөн Чуйков көчөсүндө жайгашкан, ал абдан кичинекей жана көп кабаттуу үй-лөрдүн короосунда жоголуп кеткендей. Үйдү табуунун эки варианты бар: Ты-ныстанов көчөсү тарабынан кирип, түз эле Абдрахманов көчөсү тарапка багыт алууга болот, же, тескерисинче, темир жолго жетпей, Абдрахманов көчөсүнө кайрылып, төмөн басуу керек, ошол ква-дратта сиз эски стилде курулган үй-му-зейди көрөсүз. Эгерде музейге алдын алдын ала телефон чалып койсоңуз, кызматкер кыздар кантип жетүүнү са-бырдуулук менен жакшы түшүндүрүп беришет.




*Исхак Раззаковдун үй-музейине кирүү.*

# Исхак Раззаковдун үй-музейи

*Дареги: Чуйков көчөсү 90*
*(Эркиндик бульвары менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0312 30 00 23.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*9:00 – 17:00 (тыныгуу 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: акысыз.*
*Инстаграм: @odm_museums*

Эгерде темир жол вокзалынан Эркиндик бульвары менен төмөн карай басып, биринчи кичинекей көчөдөн солго кайрылсаңыз, ушул чакан, тынч Чуйков көчөсүндө азыркы имарат ченемдерине салыштырмалуу жөнөкөй бир кабаттуу үйдү табасыз. Бул үй өз учурунда мамлекеттин биринчи адамдарды үчүн атайы курулган: 1938-жылдан тартып Кыргызстандын Компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи катчылары жашаган. Архитектуралык эстелик тарабынан караганда музей өзүнө көңүл бурдурат. Музейге кирүү үчүн кичинекей эшиктен короого кириңиз, айланада эч бир жан жок сыяктуу көрүнсө дагы сизди сөзсүз байкашат, тосуп алып, үйгө киргизишет, кааласаңыз экскурсия өткөрүп беришет.

1950-жылы биринчи катчынын милдеттерин аткарууга киришип, бул үйгө Исхак Раззаков көчүп кирген жана 11 жыл жашаган.



Мамлекеттин кийинки биринчи адамдары башка жерде жашаган, ошондуктан бул имаратта көп убакыт балдар бакчасы болгон, андан кийин эл аралык уюмдардын кеңсеси болгон, ал эми 2005-жылы саясий ишмердин 95-жылдыгына мемориалдык үй-музейи ачылган.

Музейде беш бөлмө, холл жана колонналары менен чоң зал бар, качандыр бир бул жерде кышкы бакча болгон. Экспозицияда Исхак Раззаковдун жеке буюмдары, параддарда кийген кийимдери (костюму, шляпасы, каракүл папахасы), жеке китепканасындагы китептери, конспект жазган дептерлери, үй-бүлөлүк архивден сүрөттөрү (өспүрүм кезиндеги сүрөттөрү дагы бар) ж. б. өз доорунун окуяларынын күбөлөндүр-

гөн документтер коюлган. Республиканы согуштан кийинки татаал убакта башкарып, Исхак Раззаков айыл чарбасынын, өнөр жайынын, маданиятынын, илим жана билимдин өнүгүүсүнө көп күч-аракет жумшаган. Ал башкарып турганда Кыргыз ССРнин илимдер Академиясы, мамлекеттик университет, Фрунзедеги, Оштогу жана Пржевальскийдеги бир канча окуу жайлары ачылган, темир жол курулган, Фрунзе – Ош жолу курулган, Орто-Токой суу сактагычы, Токтогул ГЭСи ж. б. курулган.

Чоң залда Раззаковдун гипс портрети жана 1913-жылкы пианино, эски диван турат. Бөлмөлөрдүн биринде иш бөлмөсүнүн интерьери кайра түзүлгөн: жазуу шаймандары, лампа, көз айнек, түз линиясы менен телефон коюлган чоң стол турат.

Музейдин ичинен сүрөткө тартууга болбойт, бирок бул тыюу салуу сиздин көбүрөөк көңүлүңүздү буруп, үйдүн атмосферасына сүңгүп, экскурсияны көңүлүңүздү кунт коюп угушуңузга шарт түзөт. Интернетте бул музейдин сүрөтү жок, ошондуктан өзүңүз келип көрүп кетүүңүз зарыл.



*А. Токомбаевдин үй-музейине кирүү.*




*А. Токомбаевдин чопо буюмдары жана автордук китептери.*

# Аалы Токомбаевдин үй-музейи

*Дареги: Чуйков көчөсү 109*

*(Раззаков көчөсү менен кесилишет).*

*Байланыш телефону: 0312 30 03 57.*

*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*

*9:00 – 17:00 (тыныгуу 12:00 – 13:00).*

*Кирүү: акысыз.*

Исхак Раззаковдун мемориалдык үй-музейинин маңдайында дагы бир музей жайгашкан, анын имараты 1939-жылы курулган. Музейдеги брошюрада ар кайсы учурда жазуучулар Түгөлбай Сыдыкбеков, Алыкул Осмонов, Касымалы Баялинов, Айым Айтбаева жана башкалар жашагандыгы жазылган, брошюраны музейден алсаңыз болот. 1944-жылы Аалы Токомбаев бардык шарттары менен турак жайын ушул имараттагы шарты жок квартирага алмаштырып алган, ал эми жылдар өткөндө үй жазуучунун ээлигине толук өткөн. Бул үйдө ал өмүрүнүн акырына чейин 44 жыл жашаган.

Сыртынан музей чоң көрүнөт: эки кабаттуу имарат, үйдүн ээси отургузган балатылар менен бакча жакшы каралган. Имараттын бир бөлүгү кошулуп салынган жана ал башка уюмга тиешелүү болсо дагы, музей көп мейкиндикти ээлейт: алты бөлмөдө, эки кабатта көрүүгө көп нерсе бар.



*Аалы Токомбаевдин конок бөлмөсүнүн интерьери.*

Аалы Токомбаев – Советтик Кыргызстандын эл жазуучусу, профессионалдык кыргыз адабиятынын башатында турган, Жазуучулар союзунун төрагасы болгон.

Биринчи кабаттагы экспозиция бөлмөлөрүндө китептердин жана маанилүү документтердин арасында кичинекей айкелдерди, керамика буюмдарын көрүүгө болот, жазуучу айкелчилик менен алектенип, неберелеринин жана аялынын бюсттарын жасаган. Кол өнөрчүлүктүн дагы бир уникалдуу объектиси – бул шейшеп, экскурсоводдордун айтуусу боюнча, ал НКВДнын дубалдарынын ичинде 1937-39-жылдары байпагынан сөккөн жип жана ширеңкенин талы менен А. Пушкиндин ырын жана анын портретин сайма кылып сайган.

Экинчи кабатта ошол кездеги Фрунзе интеллигенциясынын типтүү интерьери бар конок бөлмөсү бар: ашкана столу, жазуучунун жеке китепканасы менен шкаф (1700 тегерегиндеги китептер бар), бурчта шахмат тактасы бар стол коюлган. Ошондой эле жумушчу кабинетте бардык эмеректер сакталган: радиоприемник, жазмалары бар айрылуучу календарь, басма машинка, столдун үстүнө коюлган саат, анда Аалы Токомбаев жана сүрөтчү Семен Чуйковдун атка минип түшкөн сүрөтү сакталган.




*С. Чокморовдун чеберканасына кирүү.*

# Сүймөнкул Чокморовдун музей-өнөрканасы

*Дареги: Токтогула көчөсү 170*
*(Исанов көчөсү жана Манас проспектисинин ортосунда).*
*Байланыш телефону: 0312 88 46 11.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жума күндөрү,*
*9:00 – 17:00 (тыныгуу: 12:00 – 13:00).*
*Кирүү: акысыз.*
*Инстаграм: @odm_museums*

Сүймөнкул Чокморовдун өнөрканасы – бул бир чоң зал, бирок экспозиция аймакчаларга стенддер менен ыңгайлуу бөлүнгөн. Башка мемориалдык музейлердей эле, бул жерде бардык КССРнин эл сүрөтчүсүнүн жана СССРдин эл артистинин жашоосундагы маанилүү документтери жана сүрөттөрү бар. Музей кызматкери Сулуум Акчалова сөзсүз түрдө кыргыз же орус тилинде экскурсия өткөрүп берет, Чокморовдун сүрөтчү жана артист болуу жолун айтып берет. Экспозицияда үй-бүлөлүк архивден жана Чокморов тартылган кино тасмалардын кадрларынан сүрөттөрү («Жамийла», «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» ж. б.), ар кайсы өлкөлөрдөн келген сувенирлер, артист колдонгон эмеректер бар. Булардын баары жакшы сакталган. Кээде бул жерде артисттин катышуусу менен көркөм тасмалардын жана Сүймөнкул Чокморов өзү жөнүндө айтып берген тасмасынын көрсөтүүлөрү жүргүзүлөт.



*Г. Айтиев атындагы КУКӨМнин туруктуу экспозициясындагы С. Чокморовдун сүрөтү.*

Чокморов менен живопись сүрөтчү катары Г. Айтиев атындагы көркөм өнөр музейинде жакшы таанышсаңыз болот, туруктуу экспозицияда экспрессивдүү манерада жазылган «Арноо. Саякбай Каралаев» жана «Эне» деген эки сүрөтү бар. Тилекке каршы, дубалдарда сүрөтчүнүн

эмгектеринин көчүрмөлөрү гана илинген, анткени өнөрка- нанын шарттары түп нускаларын көрсөтүүгө жол бербейт. Алар коопсуз жайда (температуралык режимди сактоо жа- гынан), музей фондунда сакталып турат.

Музей-өнөрканасы Токтогул көчөсү менен Исанов көчө- лөрүнүн кесилишинде короонун түпкү жагында жайгашкан. Бул үй качандыр бир кезде Транспорт минстрлигинин кыз- маткерлери үчүн салынган, ошондо сүрөтчүлөр үчүн атайы өнөркана курулган. Өмүрүнүн акыркы жылдары ал сүрөт тарта албай калган, шакирттерин жумушка тартып, өнөрка- насын аларга колдонууга берген. Чокморовдун көзү өткөндө өнөркананын бир бөлүгүн анын шакирттери приватизация кылып алышкан, ал эми бир бөлүгүн сактап кала алышкан. Сүрөтчүнүн жубайы искусство таануучу Салима Шабазо- ва 1993-жылы мемориалдык музей ачкан, ал анын кайтыш болгонуна чейин гана, 2 жыл иштеген. 2017-жылы Бириккен музейлер дирекциясынын жетекчиси Момаханова Арман Ке- римкуловнанын аракети менен музей кайра ачылды.

Көркөм окуу жайларынын студенттери, Сүймөнкул Чокмо- ровдун чыгармачылыгынын күйөрмандары музейдин негизги аудиториясы. Музейге кирүү акысыз, бирок сиз атайы куту- чага жардам үчүн акча салуу менен же китеп, брошюра са- тып алуу менен музейдин ишин колдой аласыз.



*Ч. Айтматовдун үй-музейине кирүү.*



*Ч. Айтматовдун иш бөлмөсүнүн интерьери.*

# Чыңгыз Айтматовдун үй-музейи

**Алдын ала жазылуу менен баруу керек.*

*Дареги: Айтматов көчөсү 305*

*(Ала-Арча мамлекеттик резиденциясы).*

*Байланыш телефону: 0500 12 12 28.*

*Иштөө графиги: дүйшөмбү – ишемби күндөрү,*

*10:00 – 17:00.*

*Кирүү: 200 сом (экскурсиясы менен).*

*Инстаграм: @aitmatov.kg*

Жазуучу Чыңгыз Айтматов бир кезде жашаган үй шаар четинде жайгашкан: Чоң-Арык айылына коомдук транспорт менен (№8 автобус же 265-маршрутка) жетсе болот, ал жерден Ала-Арча мамрезиденциясына чейин беш мүнөт жөө, андан ары багыт белгилери боюнча музейге чейин барууга болот. Аймакка кирүү жана унаа менен кирүү регламенттелген, андыктан алдын-ала жазылууну сунуштайбыз, анын үстүнө үй кичинекей болгондуктан, бир жолу киргенде 15 адамдан ашпаган гана топ кире алат.

Экскурсияны музейдин кызматкери, биз аны музейдин сактоочусу деп атап алдык, Айгерим Керимканова алып барат.

Босогодо сизге бахила кийүүнү жана буюмдарыңызды айнектелген верандада калтырууңузду сунуштайт. Эки кабатта жети бөлмө бар, алардын көбүнүн интерьери Айтматов бар кездегидей эле сакталган – өз учурунда меймандарды

тез-тезден тоскон чоң столу бар конок үйү, иш бөлмөсү жана китепкана. Жеке буюмдардын арасында радиоприемник (аны жазуучу бир жакка барганда өзү менен алып жүрчү), достору белек кылган ролик конькиси (аны кийип, муз тепчү дешет).

Эки бөлмө экспозициялык залдарга жасалган. Бул жерде айнек кутуларда медалдары, сыйлыктары, документтери, ошондой эле өзү жакшы көргөн твид пиджагы жана Советтер Союзунун элчисинин мундири коюлган. Дубалдарда акыркы жазылып бүтпөй калган «Оймо» чыгармасынын колго жазылганы бар. Дагы бир бөлмө толугу менен жазуучунун коомдук ишмер, дипломат катары инсандыгын ачып берген фото хроникага айландырылган.

Көркөм сүрөт искусствосунун топтомун өзүнчө белгилеп кетүү керек, Кыргызстандын сүрөтчүлөрү Сүймөнкул Чокморов, Жумабай Үмөтов, Дамир Конгурбаев жана башка көптөгөн сүрөтчүлөрдүн живопистери, ошондой эле башка өлкөлөрдөн (Кытай, Өзбекстан, Германия, Азербайжан ж. б.) эстеликке белекке алынган сүрөттөр үйдүн интерьерине жарашыктуу киргизилген. Фарфорду жана керамиканы сүйүүчүлөр үчүн дагы көрчү экспонаттар бар, ал эми жыгачтагы көркөм оюуну жакшы көргөндөр бул жердеги буюмдарды кармалап көргүсү келет. Бардык эле музейдегилердей бул жерде дагы экспонаттарды кол менен тийүүгө болбойт. Сүрөткө, видеого тартууга уруксат берилген.

Үй абдан жарык, кээ бир объекттерге кошумча жарык коюлган, бул жерде үйдөгүдөй эле меймандос атмосфера. «Үй жандуу, Чыңгыз Төрөкулович бар мезгилдегидей эле рух сакталган. Бул жерде эч нерсе алмаштырылган эмес, ал бул жерде иштеген, конокторун тоскон, балдар менен ойноп, аларга жомок айтып берген. Кээде ал дагы эле тирүүдөй бир бөлмөдөн чыгып келчүдөй сезилет», – дейт Айгерим Керимкулова.

Үйдү чакан короо курчап турат, ал жерде сейилдөөгө болот, бассейн, балдар үчүн аянтча, чоң эмес ландшафттык айкелдер бар. 1986-жылы Чыңгыз Айтматов бул имаратты тиричилик керектөөлөрү үчүн колдонгон жана үй кылуу максатында реконструкциялап алган, бул үйдө өмүрүнүн аягына чейин жашады. 2014-жылы жазуучунун үй-бүлөсү жеке музей ачты. Үйдүн экинчи жарымында уулу Элдар Айтматов жашайт, ушул эле жерде Ч. Айтматовдун Эл аралык фонду жайгашкан. Азыркы кезде музейди Бишкектин тургундары гана көрбөстөн, башка өлкөдөн келген, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын сыйлаган чет элдиктер, делегациялар көрүп кетишет.





*Михаил Фрунзенин ата-энесинин топурактан согулган үйүнүн ички жасалгасынын реконструкциясы.*


# М. Фрунзе атындагы мемориалдык үй-музейи

*Дареги: Фрунзе көчөсү 364*
*(Раззаков көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефондору: 0312 62 50 31, 0312 66 06 07.*
*Иштөө графиги: шейшемби – жекшемби күндөрү,*
*10:00 – 18:00.*
*Кирүү: чоң адамдар үчүн – 80 сом, студенттер үчүн – 50 сом, мектеп окуучулары үчүн – 30 сом, чет өлкөлүк жарандар үчүн – 150 сом.*
*Экскурсиялар: жалпы (45 мүнөт) – 120 сом,*
*тематикалык (1 саат) – 160 сом.*
*Фото сүрөт тартууга мүмкүнчүлүк – 150 сом.*
*Сайты: www.domfrunze.kg*
*Инстаграм: @frunzemuseum_kg*

Фрунзе. Бишкектиктер үчүн дагы, биз үчүн дагы бул мурунку доордогу шаардын аталышы. Бардык белгилүү жерлер, тарыхый музейлер расмий дискурстун белгилерин алып жүрүшөт. Михаил Фрунзенин атындагы үй-музейи дагы ошого мисал. Музейде төрт туруктуу экспозиция бар, алар музей негизделгенден бери өзгөргөн эмес. Бул жагынан алганда, ал тарых музей, 50 жыл мурунку тарыхый дискурста сакталып калган. Убакыт өтүп жатат, бир дискурсту экинчиси алмаштырат, бирок, экспозицияга кайрылсак, 1917-жылы болгон революция жөнүндө 20-кылымдын 70-жылдарында кандай айтса, ошондой айтылып жатканын көрүп турабыз.



*Музейдин экспозициясы.*




*Тарыхый такта.*

Акыркы жылдары музей өзүн жаңы социалдык-саясий реалдуулуктар кайра кароого аракет кылууда. Музейде тарых темасындагы дарстар, китептердин бет ачары жана патриоттук жолугушуулар болуп турат. Ошол эле учурда музейдин үч кабаттуу имараты Бишкектин архитектуралык-модернисттик турларынын бир бөлүгү болуп турат жана бул архитектуралык кыймылдын негизги өкүлдөрүнүн бири (1968-жылы курулган, архитекторлор – Ю. Карих, Г. Кутателадзе). Андан дагы кызыгы, модерн архитектурасынын эстелик-имаратынын ичинде 1885-жылы топурактан курулган, чатыры камыштан жасалган негизги экспонат бар. Үйдүн ичи ошол мезгилдеги тиричилик буюмдары менен көрсөтүлгөн.

Бирок шаардагы уламыштарда бул үйдүн реконструкцияланганы айтылып келет, экскурсоводдун айтуусу боюнча Фрунзенин ата-энеси жашаган мезгилдегидей сакталган: керебет, бешик, столдор, печка, ийик, оюнчуктар.

50 жылдан ашкан имараттын ичиндеги, жүз жылдан ашуун убакыттагы шаардык үй-бүлөнүн тиричилигин жана шаардагы үйдү көрүү кызыктуу. Музей Бишкектин бардык көп катмардуулугун көрсөтө албайт, бирок анын тарыхынын кайсы бир бөлүгүнө сүңгүтө алат.



*Борбордук Азия элдеринин колдонмо искусство музейинин экспозициясынан.*

# демилге музейлери





*Н. Рерих атындагы көргөзмө залына кирүү.*

# Н. Рерих атындагы көргөзмө залы

*Дареги: Юнусалиев көчөсү 41*
*(Медеров көчөсү менен кесилишет).*
*Байланыш телефону: 0550 58 0938.*
*Иштөө графиги: дүйшөмбү – жекшемби күндөрү, 11:00 – 19:00 (жай мезгилинде), 11:00 – 18:00 (кыш мезгилинде).*
*Күн сайын болуучу жалпы экскурсиялар: 12:00 – 16:00.*
*Кирүү: акысыз.*

Бул демилге музейи. Көбүнчө демилге музейлериндей эле, бул музейге кызыккан жамааттардын жолуга турган жайы. Негизинен, экспозицияда китептер, брошюралар, картиналардын көчүрмөлөрү бар. Колу менен кармай турган экспонаттар дагы бар, мисалы, ырдаган тибет табактары. Бирок, бул жерде маанилүү нерсе материалдык эмес, бул жерде маанилүүсү – ушул жердин философиясы жана Н. Рерихтин философиясы. Бул, эң оболу, «жандуу этика» философиялык мектеби. Бишкектеги Н. Рерих коому билим берүү окууларды, жолугууларды, талкууларды өткөрүп турат. Музей жашоо ыргагына толгон.

Николай Рерихтин окууларын жана чыгармачылык темасын түшүнүү деңгээлине карабастан, баарына кызыктуу болот – билимиңизди кеңейтүү үчүн бир жолу келсе болот, бул жерде көп боло турган ар кандай иш-чараларга катышуу менен кайра-кайра кайтып келе берсеңиз болот. Андыктан музей-







*Н. Рерих атындагы көргөзмө залынын экспозициясы.*
*(Тибет табактары, Будда кудайларынын статуэткалары жана сүрөттөрдүн репродукциялары).*

дин иш-чаралар календарын социалдык тармактардан байкап турууну сунуштайбыз.

Йога сабактарына, поэзия жана адабий окууларына катышууну сунуштайбыз. Эң негизгиси, «Маданият аркылуу тынчтык» деген ураан негиз болгон философиялык агымга сүңгүп кирүү. Бүгүн бизге дал ушул нерсе жетишпей жатат.



*Коомдук жолугушуу залы.*




*Музейдин кире беришиндеги саламдашуу жазуусу.*



*Музейге кирүү.*

# Улуу боштук музейи

**Алдын ала жазылып баруу ыңгайлуу.*

*Дареги: Орто-Сай айылы, Ормокоев көчөсү 31.*

*Байланыш телефону: 0312 55 03 11.*

*Иштөө графиги: ишемби, жекшемби күндөрү, 10:00 – 18:00.*

*Кирүү: ыктыярдуу кайрымдуулук же бир май боек тюбиги.*

*Инстаграм: @velikoja_pustota*

Музейдин аталышы табышмактуу. Боштук жөнүндөгү жерде эмненин көрүүгө болот же музей бош болушу мүмкүнбү? Ушул суроолор менен музейге келдик. Бул үй Орто-Сай айылында. Айылдагы жол менен келдик, оң тарабында – адырлар, сол тарабында – айыл жана Бишкектин көрүнүшү. Жолдун кандайдыр бир идеясына кире баштайсыз. Музей айылдагы өзүнө окшогон үйлөрдүн бири экендигине карабай, анын дарбазасын жазбай тааныйсыз. Босогодон эле сизди ар кандай ураандар тосуп, жакшы маанай тартуулайт.

Бул музей – сүрөтчүнүн баласындай болгон эле эмгеги. Кире бергенде эле философ Алексей Скриплев тосуп алып, үйүн музейге айландырган тарыхын айтып берет. Ар бир бөлмөсү өзүнүн атмосферасын алып жүрөт жана андагы жумуштар Алексейдин айтып берген аңгемесин толуктап турат. Биринчи эле көзгө урунган нерсе – бул фактуралардын ар түрдүүлүгү жана көптүгү. Дизайнердик долбоордун идеялары үчүн ушул жерге келүү керек. Катылган отургуч менен дубал, ага сөзсүз чыгып, сүрөткө түшүү керек. Бассейни бар



*Олтуруп сүрөткө түшүү үчүн мейкиндиктеги олтургуч.*





*Музей экспозициясы: сүрөттөр жана алтын пирамида.*

алтын пирамиданы кандай жаратууга болот – Египед пирамидаларын жаратуудагыдай эле суроо. Жай мезгилинде пирамида муздак суу менен толтурулат, анда купальнигиңизди ала келүүнү унутпаңыз.

Чатыр-верандага көтөрүлүүгө болот, анан дизайнына заманбап искусство музейлери дагы таң калат болушу керек, анткени күзгү дубалдар, хрустал жаркыраткычтары жана Бишкектин панорамдык көрүнүшү керемет. Көп сандаган ар кандай бөлмөлөрдө живопистер, ар кыл материалдардан жасалган инсталляциялар бар. Алексей айткандай: «Каалаган эшигиңизге кириңиз, канча көп эшик таап, ачсаңыз, ошончо жакшы болот». Эгерде чарчасаңыз, музейдин автору менен чай үстүндө баарлашсаңыз же жөн гана жымжырттыкта отуруп турсаңыз болот.

Бул музейде ачык иш-чаралар көп болот: иога менен машыгуу, үйлөмө жана урма аспаптарда ойноо. Биз сизге музейге бара жатканыңызда ар дайым маалыматын жаңыртып турган, музейдин инстаграм баракчасын текшерип, телефон чалып, баруунун шарттарын тактап алууңузду сунуштайбыз. Музейге кирүү акысыз, бирок жардам катары акча же май боек берсеңиз сүрөтчү абдан кубанычта болот.



*MoFA+ чеберканасы.*



*Аялдар искусство музейинде Чынара Ниязованын «Тийүү чекити» чыгармасы.*

# MoFA+
# (Аялдар искусство музейи)

*Иштөө режими: ар кайсы жерлерде өткөрүлүүчү*
*он-лайн көргөзмөлөр.*
*Сайт: www.femmuseum.org*
*Инстаграм: @femmuseum*

Кайсы музей өзүнүн имараты жөнүндө кыялданбасын: искусство чыгармаларынын топтому менен бөлүшүүгө, сүрөтчү айымдар жана көрүүчүлөрдүн жолугушуусун уюштурууга, билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө бөлмө жөнүндө. Ушунун бардыгын MoFA+ туруктуу негизде Кыргызстан боюнча ар кайсы жерлердеги көргөзмөлөрдө онлайн өткөрүп келет, анткени бул демилге музейи, мындай форматтагы көптөгөн музейлер көз карандысыз болуп, ошол эле учурда көрүүчү айымдардын ар кандай топторуна ачык болгусу келет.

Музейдин бир нече багыты бар. Биринчиси – активизм жана артивизм. Музейдин тарыхы социалдык маселелер жөнүндө айтууну каалоо менен байланыштуу жана сүрөтчү айымдардын тобун көрүнүктүү кылуу. Унчукпоо – бул адилетсиздикти нормалдаштыруунун биринчи кадамы. Демек, музейдин бар экендиги активдүүлүктүн бир формасы. Музей сүйлөгөн форма, абдан маанилүү, анткени ал укуктар жана эркиндик.

MoFA + үчүн маанилүү экинчи нерсе – бул субъективдүүлүктү таануу. Жаратман айымдар, сүрөтчү айымдар, музейдин коллаборатор айымдары – өзгөрүүнүн субъекттери! Демек,





*«Мейкиндик – Эркиндик» көргөзмөсүнүн экспозициясы, 2023.*

алардын иштери, биринчиден, аларды эркиндикке чыгарат. Аларга өзү жөнүндө айтууга, өзүн көрүнүктүү кылууга жана сүрөтчү айымдарга платформа берүүгө шарт түзөт. Музей муну көргөзмөлөрү жана соц тармактардагы жарыялоолору аркылуу ишке ашырып келет.

Үчүнчүдөн – бул жандуу архив жана салттык техникалар менен иштөө. MoFA+ тун активист кыздары искусствонун тарыхын билет, ага таянып, өздөрүнө техникаларды ыроолойт, алар салттык иерархияда аялдардыкы болуп саналат. Чеберчилик тажрыйбалары феминисттик искусство үчүн иштин маанилүү бөлүгү жана музейдин топтомунун чоң бөлүгүн түзөт.

Төртүнчү – көркөм жана артивисттик коомчулукту колдоо. MoFA+ – бул көпчүлүк деңгээлде аялдар, алардын бири-бирин колдоо менен байланышкан. Бул багытта сүрөтчү айымдардын жаратууга мүкүнчүлүгү болуусу үчүн стипендиялык программалары бар. Ошондой эле, активист, сүрөтчү, көрүүчү айымдардын ортосундагы байланышты колдоп жана жаратып туруу максатында программалар жана иш-чаралар иштеп келет.

Бешинчиси – бул илимий-изилдөө иштери, аларды музей арт-экспедициялары, коллекциядагы чыгармалар менен иштөө жана башка тажрыйбалар аркылуу ишке ашырып турат.

Музейдин активдүүлүгү жөнүндө жарыяларды алар менен офлайн көрүшүү үчүн онлайн карап туруңуз.



*Этникалык маданият музейинин экспозициясы.*

# Супара этно-комплексиндеги этникалык маданиятынын интерактивдүү музейи

*Дареги: Көк Жар айылы, Карагул Акмат көчөсү 1А.*

*Байланыш телефону: 0555 46 50 51.*

*Иштөө графиги: күн сайын, 10:00 – 22:00.*

*Кирүү: чоң адамдар үчүн – 100 сом, балдар үчүн – 50 сом.*

*Инстаграм: @suparamuseum*

Музей Супара этно-комплексинде жайгашкан. Комплекс кулинардык жана эстетикалык тажрыйбаны тартуулайт. Бул жерде улуттук тамактарды, даамдарды татыса болот, аймагындагы ичи зал болгон стилдештирилген боз үйлөрдү аралап, сейилдөөгө болот. Бул жер бишкектиктер жана туристтер үчүн абдан популярдуу. Биз Ноорузда Супарага барганды жакшы көрөбүз, анткени ал жерде улуттук жана стилдештирилген кийим кийген эл толуп, чеберлер жарманкеси өтөт, шоро дайрадай агып, жаңы бышкан боорсок менен сүмөлөк илип жесең болот.

Музей бул жердин маанайын толугу менен чагылдырып турат. Ал чакан, бирок экспонаттарга толгон, аларды кармап көрүүгө, айландырып көрүүгө, алар менен ойноп көрүүгө болот. Бул музейдин баштапкы философиясы интерактивдүү болуу. Ошондуктан музейдин көрүүчүлөрү чүкөлөрдү ыргытып жатып же тогуз коргоол ойноп жатып, кеткиси келбей, атмосферага сүңгүйт. Эски тегирменди айландырып көрүп,



*Аялдардын салттуу зер буюмдары.*



*Кыргыз көчүнүн композициясы.*

эмгек кандай оор экендигин, ал эми анын натыйжасы керемет экендигин сезесиз. Чебер айымдардын эмгектери эски туш кийиз топтомдорунда көрүнүп турат, ал эми алар кандай жаралгандыгын сайма сайган буюмдар айтып берет.

Музейде эспозициянын бардыгын чогулткан сонун, кызыктуу экспонат бар – бул полимердик чопо менен жасалган кичинекей айыл. Аны көпкө тиктеп, адамдардын бири-бири менен болгон мамилелеринин тарыхын ойлоп таап, алар өз иштери менен алектенип жатканын карап, өзүнүн кенедей жашоосун жашап жатышканын карап турууга болот: жумуштары менен бир жерге бара жатышат, бир нерсе даярдап жатышат, атты такалап жатат, тамак бышырып жатат. Бул музей сизге үйдөгү жылуулук, ыңгайлуулук сезимдерин тартуулайт.

Музейде экскурсия өтүп берүүлөрүн сурасаңыз болот, бул жөнүндө алдын ала сүйлөшүп алууңуз керек.

*Фото сүрөттөр Супара этно-комплексинин музейинин администрациясы жана Алтын Капалова тарабынан берилди.*



*Музейдин кирүү тарабындагы инсталляция.*



*Музей экспонаттарынын бири.*

# Таштанды музейи

**Алдын ала сүйлөшүп баруу керек.*

*Дареги: Алтын Казык ж/конушу.*

*Байланыш телефону: 0500 52 74 84.*

*Экскурсияларды жүргүзүү графиги: айына бир жолу.*

*Кирүү: акысыз.*

Эң жаңы музейлердин бири, 2023-жылы америкалык сүрөтчү сТо Лененын көркөм долбоору катары түзүлгөн жана масштабдык экологиялык «Булгануу тарыхын түшүнүү» ТРЭШ-5 арт-фестивалынын алкагында көрсөтүлгөн. Бул Бишкек заманбап искусство мектебинин жана Tazaгдын биргелешкен долбоору Бишкек мэериясынын жана «Бишкек санитардык полигону» муниципалдык өндүрүшүнүн колдоосу менен ишке ашкан.

Музейде полигондун жанында жашаган шаардын тургундары менен чогултулган жана жаратылган «артефакттар» көрсөтүлгөн. Полигон 1976-жылдан бери 100 млн тонна таштандыны кабыл алган. Ошондой эле, музейде «Кызыл куруучу» кыш заводунун тарыхы көрсөтүлгөн. Ал кыш заводунун карьерасында таштанды полигону пайда болгон.

Музей көрүүчүлөрү үчүн бир айда бир, алдын ала жазылуу боюнча, 10 адамдан аз эмес топтор үчүн ачылат. Экскурсияны музейдин кураторлорунун бири, Бишкек санитардык полигонунун кызматкери Самат Марсов алып барат.





*Музей экспозициясы.*

# Борбордук Азия элдеринин колдонмо искусство музейи

**Алдын ала жазылып баруу керек.*

*Дареги: Ала-Тоо аянты, Раритет китеп дүкөнү (кирүү Раззаков көчөсү тарабынан).*
*Байланыш телефону: 0312 66 08 30.*
*Дүкөндүн иштөө графиги: иш күндөрү – 9:00 – 19:00, дем алыш күндөрү – 10:00 – 17:00.*
*Музейге кирүү: акысыз.*

Биз буга чейин шаардын эң эски китеп дүкөндөрүнүн бирине көп жолу барып, бардык залдарды карап, балким эң кызыктуусун өткөрүп жибергендирбиз. «Раритеттин» Борбордук филиалында кенч катылган – Борбордук Азия элдеринин колдонмо искусствосунун музейи, анын топтомун дүкөндүн негиздөөчүсү, саякатчы жана жазуучу Виктор Кадыров чогулткан.

Эшиктин ордуна боз үйдүн жыгач эшиктери орнотулган. Бардык экспозиция бир чоң залда орун алган, анын борборунда жыгач сандыктар бир нече катарга жайгаштырылган - көчмөн элдердин оюу искусствосунун үлгүлөрү (аларда нан, кант, кургак тамак-аштар сакталган). Периметр боюнча тиричилик буюмдары (жуунгуч, май чалгыч, булгаары идиштер), ар кайсы элдердин аялдарынын жана эркектеринин кийимдери (кыргыз чапаны, өзбек көйнөгү, түркмөн топусу, кытай булгаары бут кийими) коюлган. Кыргыз зер буюмдар топто-



*Музейдин экспозициясындагы балбал,*
*жаргылчак таштары, жанчуур.*



*Экспозициянын борбордук бөлүгү.*

му көңүлдү бурат – тумарлар, маржандар менен сөйкөлөр, чоңдор жана балдар үчүн салттуу ачык билериктер көздүн жоосун алат. Бардык зер буюмдар күмүштөн, анткени көчмөндөр күмүш сакралдуу жана көз тийгенден сактайт деп эсептешкен. Жыгачтан даярдалган буюмдар – чоңдор жана балдар үчүн ээрлер, тогуз коргоол, аяк каптар, идиштер. Мындан тышкары топтомдо көчүп келген орустардын тиричилик буюмдары дагы бар – ийиги, үтүктөр, самоорлор ж. б. көптөгөн буюмдар.

Экскурсияны дүкөндүн кызматкери алып барат, ал экспонаттардын ар бир тобу жөнүндө кенен айтып берет, ал кайсы бир тиричилик буюм кандай колдонуларын көрсөтүп дагы берет. Негизинен, топтук экскурсиялар балдар үчүн уюштурулат, кээде бир класстын окуучулары келет, алар келип кеткенден кийин чыгармачылык саат болот.

Кызыктуусу, музей өткөн кылымдын 20-жылдарында курулган, Бишкектин эң алгачкы имараттарынын биринде жайгашкан. Балдарыңызды, досторуңузду, чет өлкөлүк конокторуңузду Кыргызстандын колдонмо искусствосу менен тааныштыргыңыз келсе, чоң музейлерге барууга убактыңыз болбой калса, бул музей абдан сонун тандоо болот.

2024